
МУСА ЖАНГАЗИЕВ



# БҮЛДҮРКӨН



МУСА ЖАНГАЗИЕВ

# БУЛДУРКӨН

## Тандалган ырлар

Кыргыз Мамлекеттик
Окуу-Педагогика Басмасы
ФРУНЗЕ 1959

## *БАСМАДАН*

Бул жыйнак Муса Жангазиевдин балдарга арналган ыр-жомокторунун тандамалы. Мында азыркы кыргыз балдарынын жүрүш-турушун, кулк-мүнөзүн, ой-тилегин сүрөттөп көрсөтөт. Ошону менен бирге, биздин жаш жеткинчектерди ак эмгекке, демилгелүүлүккө чакырат.

## МОСКВАГА УЧУП БАР

Тетиктериң камыштан,
Учурамын алыстан.
Биринчи бол моделим,
Боло турган жарыштан.

Ала-Тоодон ашып өт,
Ак булутту басып өт.
Москвага учуп бар,
Улам бийик көкөлөп.

## ГҮЛНАРА

Тартипсиз болсо курбусу,
Түзөтүп турат катасын.
Бааларынын баары беш,
Гүлнара
Кубандырат атасын.

Начар болсо жолдошу,
Айтып берет кеңешин.
Бааларынын баары беш,
Гүлнара
Кубандырат энесин.

## БҮЛДҮРКӨН

Суу боюнда жеңгелдүү
Калың камыш арасы.
Жүзүм окшош бүлдүркөн
Мөлтүрөшөт карачы.

Ширелүүсүн бышканда
Тандап терип алабыз.
Татынакай севеттерге
Толтурабыз, салабыз.

Эркибизче ооз боёп,
Нан кошуп жеп тоёбуз.
Апабызга жумуштагы
Арнап алып коёбуз.

## ИЛИП КОЙДУ ҮЙҮНӨ

Колго алып калемди,
Сүрөт тарттым кагазга.
Бири козу, бири улак,
Оттоп жүрөт жанаша.

Арт жагына тарттым жана
Шефке алган баланы.
Дал өзүндөй байкап кара,
Түптүз жашыл талааны.

Шаркыраган суу өткөрдүм,
Жээгине гүл жайнаттым.
Гүлкайырга кондуруп мен
Сары чымчыкты сайраттым.

Бардык жерин боёп койдум,
Өзүм билген түс менен.
Көл да курдум каз, өрдөктүү
Ысык-Көлдөй эң терең.

Сүрөтүмдү тартуу кылдым,
Жаңы окуган иниме,
Сүрөтчү деп мени мактап,
Илип койду сүйүнө.

## КҮТӨТ

Мектептерде зымырап,
Сыноолор өтүп бүткөн кез.
Сансыз гүл жерде жыбырап,
Жаш досторду күткөн кез.

Аркайып жаткан Ала-Тоо,
Келгиле дейт балдарды.
Аскасы бийик терең коо,
Келсин дейт балдар ал дагы.

Балдарды күтөт кең жайлоо,
Гүлдөрдөн букет берем дейт.
Эгини бышкан жазгы айдоо,
Эмгектенсе көрөм дейт.

Балдарды тосот дарыя,
Берем дейт балык баарына.
Машина айдап Мария,
Жеткирем дейт шаарына.

Гүлдөп жаткан чөл күтөт,
Бизди көрүп калсын деп,
Улак, козу төл күтөт,
Бизди шефке алсын деп.

Театр, кино, музейлер,
Эшигин ачты балдарга.
Колхозчу ата-энелер
Келгиле дейт жардамга.

Бардык жер күтөт чынында,
Балдар салам берсин дейт.
Артек күтөт Кырымда,
Адашпай мында келсин дейт.

## ДОСУБУЗ БАР

Досубуз бар эң сонун,
Ар нерсени бүт билет.
Бардык элде, бүткүл жерде,
Саякатта көп жүрөт.

Досубуз бар, сылык алар,
Кадырлайбыз, сүйөбүз.
Кээде ырдап, кээде сүйлөп,
Кызыгына күлөбүз.

Кеңеш берет көп кишиге,
Пайдалуу ишти үйрөтөт.
Жакшы билсең, сөзгө кирсең,
Акылыңды гүлдөтөт.

Аны менен кең асманга,
Кайда болсо барасың.
Керек экен издеп аны,
Магазинден табасың.

Сууда сүзүп, тоого чыгып,
Токойдо да жүрөсүң.
Терең сырын үйрөнсөң сен,
Толгон өнөр билесиң.

Сүйлө десең, сүйлөп берет,
Келечекти өткөндү.
Мааниси алтын, билгин баркын,
Айтат кызык сөздөрдү.

Досунардын аты ким деп,
Билбегендер сурашаар.
Досубуздун аты китеп,
Үйүңүздө дагы бар.

## ЧӨП ЧАБЫКТА

Беде гүлдөп, жыты аңкып,
Талаа көркү башкача.
Көрбөгөндөр билишпейт,
Көргөндөр сөзүн айтпаса.

Канат кагып көпөлөк,
Кандай сонун чөп чабык.
Жардамдаштык эксөлөп,
Колхоздорго биз барып.

Агаларым арбын салган,
Катар-катар чөмөлө.
Чөмөлөгө чөп үйүлсө,
Окшойт бийик дөбөгө.

Адымдагын ага, эже,
Малга тоют берилсин.
Иштегиле, апа, жеңе,
Төрт түлүк мал семирсин.

## ЭКИ ДОС

Керели-кечке бийлешип,
Биринен-бири жаңылбайт.
Өз тилинде сүйлөшүп,
Бирине-бири таарынбайт.

Кубалашып кубанып,
Мышык-чычкан ойношот.
Өз эркинче чубалып,
Жылан сындуу сойлошот.

Созолонгон үнү жок,
Ырдайт экен эки дос.
Биздикиндей тили жок,
Тынбайт экен эки дос.

Каткырышпай балдардай,
Күлөт экен эки дос.
Чатакташпай сайрандай,
Жүрөт экен эки дос.

Эки достун иши көп,
Жардам берет жарышып.
Пил эмес бирок күчү көп,
Жатып албайт жабышып.

Чүпүрөктү саймалап,
Гүл салышат ушулар.
Көргөн адам таңданат,
Түр салышат ушулар.

Бул эки дос кимдер деп,
Сурагандар көйнөк тик.
Ажырабас, адашпас,
Бул эки дос ийне-жип.

## КЫЗЫК ЭКЕН КЫШКЫ ОЮН

Дөңгө барып ойнойбуз,
Сүйрөп алып чананы.
Сергек болуп өсүүдө,
Ар баланын талабы.
Кызык экен кышкы оюн,
Суукта да эң сонун.

Лыжа биздин атабыз,
Чарчаганды билбеген.
Тоодон ылдый тебебиз,
Толкуну көп күү менен.
Кызык экен кышкы оюн,
Суукта да эң сонун.

Бутка коньки байланып,
Музда оюн курабыз.
Шамал менен жарышып,
Куюндан да чыгабыз.
Кызык экен кышкы оюн,
Суукта да эң сонун.

## БАКЧАДА

Бадыраң бар толук бышкан,
Коон, дарбыз түйүлгөн.
Сабиз, пияз тегиз чыккан,
Памидорлор тигилген.

Бакчабызда ашкабак да,
Аппак, кызыл кызылча.
Жер жайнаган бардык жакта,
Картошкасы ушунча.

Күн карама күндү тиктейт,
Жүгөрүсү жайкалат.
Шефке алышкан балдар иштейт,
Бул да сонун салтанат.

Мына ушундай,
Көңүлдүү жай.
Мезгил өтүп күз келет,
Бакча-жемиш баарына бай,
Бизге түшүм көп берет.

## МЕН САБАКТАН КАЛБАДЫМ

Беш күн бою калың кар жаап,
Бүгүн гана токтоду.
Талаа, тоолор чар тарап,
Ак тыбытка окшоду.

Эгер жүрсөм жолду бузуп,
Жетпей калам сабакка.
Каптал менен куштай учуп,
Түзгө жеттим заматта.

Чарчабадым атым лыжа,
Таягын бек кармадым.
Аз жеринен арчаларга
Мен илинип калбадым.

Эрте бардым мектебиме,
Жуккан карды кагындым.
Күтүп турдум жолдошторду,
Мен аларды сагындым.

# БАЛДАР БАКЧАСЫНДА.

Мойтондошкон кичинекей,
Күлүмсүрөйт көздөрү.
Таптак чыгат,
Татынакай —
Сүйлөгөндө сөздөрү.

Ойноп жатты, ыр ырдашты
Жашыл бактын ичинде.
Өздөрүнчө кеңеш курган,
Кызыктар көп ишинде.

* * *

— Мен мышыкмын, Асан чычкан,
Качкын, сага жетемин.
Өзүм күлүк далай чыккам,
Сөзсүз, сенден өтөмүн.
— Куугун, гана,
Качтым мына —
Жетип алчы секирип.
Мышык чуркап мыёолоду,
Чычкан качты бекинип.
Балдар күлүп каткырышып,
Мышык жетпей жыгылды.
Асан күлүк чычкан эмес,

Учуп жүргөн куюнбу.
— Куюн болсо учпайт беле,
Чуркап жүрөт карасаң,
Жетпей ага
Калдың жана,
Канча айландың санасаң.
— Мен жеңилдим,
Жете албадым.
Чарчап чекем тердеди,
Мен турайын, сен мышык бол,
Чычкан кармап кел деди.

— Мына менин салчу тамым,
Жети бөлмө карачы.
Терезеси жыйырма жети,
Ишенбесең саначы.
— Тамды жакшы
болжолдопсуң,
Аны сенден талашпайм.
Же багы жок, же гүлү жок,
Ошонусун жаратпайм.

— Мына менин самолётум,
Канаттары кагаздан.
Учуп кетсе аба жиреп,
Көк асманга жарашкан.
Канаттарын боёк менен
Көпкөк кылып боёдум.

Бир жерине кадимкидей
Жылдыз тагып коёмун.
Дал ошондо,
Көргүн жолдо
Көтөрүлүп учканын,
Куш аттууга жеткирбестен
Асман менен сызганын.

— Мына менин жемиштерим,
Алмаларын карачы.
Көтөрө албайт бутактары,
Канча алма бар, саначы.
Жүзүмүчү —
Таттуу набат,
Тамшандырган балдарды.
Шабдаалым бар абдан сонун,
Сансыз мөмө байлады.
Бул сүрөтүм эң бир жакшы —
Жемиштердин баары бар,
Ар бир анар пияладай,
Алмуруту дагы бар.

Тигине топ,
Чурка ылдам,
Элден мурда жетели.
Асанкулдан ылдам-ылдам
Топтон озуп кетели.
Карма топту,
Бери көздөй ыргыткын,
Карма, карма!
Керим, алба,
Айша, сага ыргыттым!

Кайык жасап,
Атын атап,
Сууга балдар барышты.
Көлчө кенен,
Шамал менен
Кайыктары жарышты.
Меники озду,
Артта калды сеники.
Ортодогу жашыл кайык
Озуп кетти кимдики?

— Меники!
— Сеники!
— Жок, меники!

Күрөк алып,
Кумга барып,
Арыктарды казышты,
Майкаларын чечип коюп,
Ысык кумга жатышты.
Күн—түш болду,
Чогулушту.
Тазаланды, жуунушту,
Тартип менен баары белен
Каз катарга турушту.
Мына ашкана,
Байка, кара:
Тамак-ашы жайнаган.
Ак нандары,
Арбын балы,
Сүтү турат кайнаган.
Гүлдөй кызыл
Апорт ушул
Коюлуптур алмадан.
Сары майы,
Таттуу чайы,
Каймагы да камдалган.

Мына ушундай
Бакча көркөм
Бөбөктөргө курулган.
Ыр ырдаса
Бир обондо
Көчөлөрдө угулган.
Бирге басып,
Көңүл ачып
Күндө балдар жыйылган

## ТАЙ, ТАЙ, БАЛАМ, ТАЙ БАЛАМ

Тай, тай, балам, тай балам,
Талпына кой, баса кой.
Шилте дагы бир кадам,
Бир кадам дагы аша кой.

Тай, тай, балам, тай балам,
Тартынбагын жүрө бер.
Бешигиң калды коштошуп,
Чырпыктан атты мине бер.

Тай, тай, балам, тай балам,
Татынакай басканың
Көтөрүп улам бутунду,
Кызык экен шашканың.

Тай, тай, балам, тай балам,
Баса бергин жай, балам.

## ЧАБАЛЕКЕЙ

Төрт жылдан бери дос болуп,
Уясын салат үйүмө.
Чымын кармап коёмун
Терезeмин түбүнө.

Жыл сайын келип уяга,
Балапанын чыгарат.
Кош канатын таранат,
Бактысына кубанат.

## БЕШИК ЫРЫ

Уктачы, бөбөк, уктачы,
Жылдыздар чыкты жыбырап.
Булактар калды бир гана,
Акырын агып шыбырап.
  Уктай кой, алдей, уктай кой,
  Уйкуга кан, абдан той.

Уктачы, бөбөк, уктачы,
Көпөлөктөр калган жок.
Оюн салып кулундар,
Дарыяга барган жок.

  Уктай кой, алдей, алдей ай,
  Эртең менен тургун жай!
Уктачы, бөбөк, уктачы,
Уйкуга кирди жер бети.
Мемиреп турат кыймылсыз,
Толкубай Ысык-Көл чети.
  Уктай кой, алдей, алдей бек,
  Убара кылбай жаткын тек.

Уктачы, бөбөк, уктачы,
Өсөсүң тез торолуп.
Мектепке да барасың,
Өз агандай чоңоюп.
  Уктай кой, алдей, алдей жан,
  Атканы калды алтын таң!

## МЕКТЕПКЕ ДЕП АТАДЫК

Кучак жетпес карагайы,
Арча, кайың, табылгы.
Өсүмдүктүн бар далайы,
Көрдүк кызык сонунду.

Шилби турат топ-топ болуп,
Балдар терет карагат.
Мен быштым деп көңүл коюп,
Чакыргансыйт кожогат.

Биз биринчи көрдүк анда,
Күрөң, кызыл четинди.
Бышкан экен жапайы алма,
Жерге түшсө эзилди.

Гүл да тердик кучак-кучак,
Гербарийлер жыйнадык.
Кызыл, сары гүлдөрү ак,
Шаттык ырын ырдадык.

Курт-кумурска көп кармадык,
Коллекция жасадык.
Керектүүсүн биз тандадык,
Мектепке деп атадык.

## ЖАНДУУ БУРЧ

Биздин бурчта аары бар,
Түлкү, коён дагы бар.
Карышкырдын бөлтүрүк,
Кекилик, тоодак баары бар.

Таш бакадан он сегиз,
Уюгу менен кумурска.
Эмгектенет тептегиз,
Эринбейт иш кылышка.

Биздин бурчтун жаны бар,
Чымчыктары сайраган.
Жашыл коңуз, төө коңуз,
Эл көчөт бар жайнаган.

Оюн салган мамалак,
Күчүн сынайт күрөшүп.
Чуркай берет сабалап,
Күчүк менен бирге өсүп.

Биздин бурчтун жаны бар,
Катар өскөн талы бар.
Жүзүмдөрү мөлтүрөк,
Жемиш толгон багы бар.

Мугалимдер аралап,
Көп нерсени таба алат.
Жандуу бурчтан көп балдар,
Жакшы билим ала алат.

## КЕРИМ АГАЙ СЫЙЛАНГАНДА

Ирети менен гүл толгон,
Мектептин ичи таптаза.
Кубанычтуу күн болгон,
Бүгүн балдар башкача.

Ар бир бала гүл кармап,
Өзү да гүлдөй көрүнөт.
Кээ бирөөлөр ыр тандап,
Айтсамбы деп элирет.

Балдарга дос коңгуроо,
Шыңгырады кагылды.
Жаңы мектеп, бийик зоо,
Үнүн кошуп жаңырды.

Балдар мектеп залына
Жыкжыйма болуп толушту.
Портреттин жанына
Жайнатып гүлдү коюшту.

Ар бир бала тынчтанып,
Ызы-чуулар токтоду.
Күлүмсүрөп ыкталып,
Роза гүлгө окшоду.

Директор кирип келгенде,
Жапырт балдар турушту.
Агайга салам бергенде,
Киргизди мындай сунушту:

— Кубанычтуу телеграмм,
Москвадан келиптир.
Иштеген үчүн кырк бир жыл,
Агайыңар Керимге
Ленин орден бериптир.

Дегенде колдор шатырап,
Үстү-үстүнө чабылды.
Күү чалынып оркестр,
Шаңга ороду айылды.

Ар бир бала куттуктап,
Керимге көңүл бурушту.
Кыса кармап колдорун,
Бакыттын гүлүн сунушту.

Москвада жүргөндөй,
Кубанды Керим карыя,
Кремлде күлгөндөй,
Ыракмат айтты баарына.

Ансайын колдор чабылды,
Ата-эне баатыр болгондой.
Айтууга сөз табылды,
Даярданып койгондой.

Толкунданды карыя,
Көл чайпалып ташкандай.
Окуткан бардык балдары
Куттуктап келе жаткандай.

## БЕШ ЖАШТАГЫ ТУРДУКАН

Эркелетет бөбөгүн,
Беш жаштагы Турдукан.
Ойногонун көрөмүн,
Сөздөрүнө калам таң.

«Кой, ыйлаба, садага,
Бойго жеткен жигитсин.
Төкпө жашты талаага,
Апаң келип кийинтсин.

Кана, кана, күлө кой,
Тармал улак кубансын!
Тай, тай басып жүрө кой,
Чолок музоо уялсын.

Гүлдөн терип берейин,
Эжекендей жыттачы.
Айтканыңа көнөйүн,
Айланайын, уктачы.

Жаркынайым жата кой,
Кылбачы мени убара.
Келбесе уйкуң баса кой,
Апам жок сүт сураба».

Эркелетет бөбөгүн,
Беш жаштагы Турдукан.
Ойногонун көрөмүн,
Сөздөрүнө калам таң.

## ТӨРТ МЕЗГИЛДИН ТАЛАШЫ

### 1. Жаздын айткандары:

— «Кар кетти, мен келдим,
Жер бети эрмегим.
Күн ысып, иш кызып,
Кубандым тердедим.

Алма, өрүк гүлдөдү,
Булбулдар сүйлөдү.
Бал издеп аарылар,
Бедеде миңдеди.

Солкулдап жаш талдар,
Жел жүрсө ийилди.
Ойноду жаш балдар,
Мен келсем сүйүндү.

Сүтү көп уйларга,
Чөп бердим, тынбадым.
Бетегеге аябай,
Төлдөрдү сыйладым.

Трактор шанданып,
Сокосу дың тилди.
Аба ачык, нур чачып,
Таңыркап күн күлдү.

Үрөндөр себилди,
Күн суугу чегинди.
Мал көккө тоюнуп
Кой, эчки семирди.

Келдим мен, келдим мен,
Кубанды бардык эл.
Кар баскан талаа жок,
Жаңырды кайра жер.

Атым жаз, атым жаз,
Көлдө ойнойт өрдөк, каз.
Алмаштым жай менен
Мөөнөтүм өтө аз.

Ошондой болсо да,
Байлык көп бүт жерде,
Жашартам, өстүрөм,
Жалындуу күч менде».

### 2. Жайдын айткандары:

— «Май кетти жай келди,
Маңыздуу ай келди.
Баш алып арпалар,
Буудайлар теңселди.

Дарбыз, коон түйүлдү,
Алчалар күбүлдү.
Пахталар отолуп,
Гүлдөрү сүйүндү.

Жаш балдар дем алып,
Ырдашты үн салып.
Кайырмак, тору бар,
Кармашты көп балык.

Тоолорго барышты,
Гүл терип алышты.
Катырып, иреттеп,
Папкага салышты.

Чачыктуу жүгөрү
Картошка гүлдөдү.
Көрдүңбү, көбөйдү,
Жемиштин түрлөрү.

Мураптар ат минип,
Каналды бойлоду.
«Суу жетсин жерге» — деп,
Күнү-түн ойлоду.

Мектептер жаңырды,
Жаңысы салынды.
Кызылдан, жашылдан,
Тунике жамынды.

Ферманын айраны
Көбөйдү каймагы.
Эжигей, быштак бар,
Бал татыйт майлары.

Жемиш көп, айтсам эп,
Мен жылдын салмагы.
Күз келип колумду,
Кошкун деп кармады.

Ошондой болсо да,
Жазынды женемин.
Бардыгын бышырып,
Белендеп беремин».

### 3. Күздүн айткандары:

— «Алтын күз, атым күз,
Дан толгон талаа түз.
Жыйналсын эгиндер,
Жумшалсын бардык күч.

Дарбыздар кандай көп,
Кубанат балдар жеп.
Мол түшүм жыйдым деп,
Колхозчу салат кеп.

Кырманда кызылдар,
Пунктка ташылат.
Толсун деп пландар,
Башкарма ашыгат.

Эгиндер чабылды,
Сарайлар салынды.
Мен күзмүн—кыш келет,
Жакшы бак малынды.

Алыстан көрүндү,
Ак пахта терилди.
Темпинди күчөткүн,
Аксатпай теримди.

Кызылча казылды,
Тазалап аарчылды.
Күздүктөр айдалып,
Үрөндөр жашынды.

Мектептер ачылды,
Кагаздар жазылды.
Көп балдар окушуп,
Билимге качырды.

Мөлтүрөк жүзүмдөр,
Шабдаалы терилди.
Ата-эне баарына,
Акча, эгин бөлүндү.

Кой, эчки кыркылды,
Тыбыты тытылды.
Фермалар пландан,
Эртелеп кутулду.

Түзүк го салмагым,
Элге көп жардамым.
Эмгекте кайнаймын,
Жаркырап жайнаймын.

Бышканды жыйнаймын,
Иштесе сыйлаймын.
Жаз, жайдан ашыкмын,
Жай карап турбаймын».

Аңгыча ашыгып,
«Кайткын»—деп качырып.
Күздү кууп, кыш келди.
Жер, сууну катырып.

**4. Кыштын айткандары:**

— «Ак куудай карым бар,
Сүйүшөт жаш балдар.
Белегим баарыңа
Лыжалар, чаналар.

Карым жаайт мапмайда,
Көп жааса, көп пайда.
Ойношот коёндор,
Из салып ак карга.

Мергендер сүйүнөт,
Түлкүлөр жүгүрөт.
Тумак, тон, өтүгүн,
Балдар да кийинет.

Бак-дарак күмүштөн,
Шурулар тагынат.
Суу тоңуп, муз болуп,
Чилдеге багынат.

Карсыз жер каткалаң,
Жамгыр да төгүлбөйт.
Суу келбей мөңгүдөн,
Эгин мол эгилбейт.

Кургакта кулпунуп,
Бак-дарак бүрдөбөйт.
Өсүмдүк көбөйүп,
Талаалар гүлдөбөйт.

Менде да толгон күч,
Жаз, жайдан ашыкмын.
Күздү да шаштырып,
Жемишин ташыттым».

Кимиси күчтүү ким күчсүз,
Талашты балдар чечкиле.
Убара кылбай төртөөнү,
Чындыгын айтып өткүлө.

**Балдар:**

Ар жылдын төрт мезгили,
Турмушта эң керектүү.
Бири болбой бири жок,
Бир бирине себептүү.

## АВТОБУСУМ

Автобусум майы жок,
Бурап койсом жүгүргөн.
Эжем сатып бергенде,
Иним дагы сүйүнгөн.

Олтургузуп куурчагымы
Бакчага алып барабыз.
Күчтүү биздин автобус,
Баратканын караңыз.

## МОСКВАДАН АЛЫП КЕЛГЕН

Үч дөңгөлөк
Велосипед.
Педалын тепсем,
Жүгүрүп кетет.
— Кана куучу
Ким мурун жетет?

Белек кылып,
Атам берген.
Москвадан
Алып келген.
Жүрө берет
Чарчабастан,
Үй жанында
Тегиз жерден.

## КЕКИЛИК

Тоого чыгып чарчагандан,
Шашып үйгө бараттым.
Бир кекилик учту астымдан,
Бырпыратып канатын.

Эмнегедир араң учат,
Бир канаты сынгандай.
Кармап алып коюп тузак
Мен ойноюн бир далай.

«Биздин үйдө жаша, ойно,
Тооктор менен болуп дос.
Дегенимде учуп коно,
Ал айланды мууну бош.

Чөп аралап чуркай берди,
Коргоп менден уясын.
Эмне мынча шылдың кылып,
Мени карап турасың?

Балдарыңа учуп баргын,
Тоодо ойноп жүрө бер.
Сенден салам тоогума айтам,
Шаттык менен күлө бер.

## КЫЗЫК ТОП

Токтобойсуң ыргытсам,
Менден алыс кетесиң.
Топ-топ этип болуп чаң,
Далай жерге жетесиң.

Тепкен сайын күч кирип,
Тоголоно бересиң.
Дубалдарга бир тийип,
Кайра өзүмө келесиң.

Кел, ойнойлу жан досум,
Бардык балдар карасын.
Сен сыяктуу жолдошум,
Топ тебүүгө жарасын.

## ЖАҢЫ ҮЙДӨ

Топурак ташып, суу буруп,
Бышырып кирпич жасадык.
Эки кабат үй куруп,
Куурчакка атадык.

Ысыкта салкын болсун деп,
Арча, кайың, тал тиктик.
Куурчак айлы консун деп,
Жай бүткөндө биз күттүк.

Куурчактар өзү келбеди,
Күлүп, ойноп, кубанып.
Биз курган үйдү көрбөдү,
Сылыктык менен суранып.

Кабар айтып калтырбай,
Куурчактарга билгиздик.
Тургузуп баарын, катар жай,
Даяр үйгө киргиздик.

# МЕНИН ЭКИ КУУРЧАГЫМ

Сатып алдым Юланы,
Шаардагы детмирден.
Жайында да ысыбайт,
Өзүнө чак тон кийген.

Аля болсо кышында,
Үшүбөгөн көйнөкчөн.
Аязга да чыдамдуу,
Суук тийбейт тердесем.

Менин эки куурчагым,
Бети-колу таптаза.
Кечинде таптап уктатам,
Эрте турат мактасам.

# БАРГАНЫМДА ЗООПАРКЫНА СЕЙИЛГЕ

## I. Аскада

Жай мезгили, бетегени жамынган,
Тоо арасы тотудай гүл тагынган.
Жылгасында жылжып чыккан булакка,
Жалбыздардын сабактары малынган.

Көрдүм бийик көк тиреген асканы,
Жабышкандай бир-бирине таштары.
Арасында аркар-кулжа жайылган,
Таңыркадым үркүтсөм да качпады.

Ача бутак чыкыйына өскөндөй,
Мүйүзүнө кулач араң жеткендей.
Тоголок баш токолдору дагы бар,
Мүйүздөрүн бирөө кесип кеткендей.

Улактары жардан жарга секирип,
Токтой калат кайра ташка бекинип.
Мен барганда тааныгандай сайрады,
Тянь-Шандык колтугу чаар кекилик.

Аска бийик шаардын орто ченинде,
Ак куу, өрдөк, каздар сүзгөн көлүндө.
Мунун баарын Москвадан көрдүм мен,
Барганымда Зоопаркына сейилге.

## 2. Бир-бирине үн кошот

Аля түштү арабага,
Кошкон аттар башкача.
Кулундан да кичинекей
Жал-куйруктар таптаза.

— Мен да минем токто, деди,
Галя колун көтөрүп.
Жүрүп кетет бол, Серёжа,
Биз да ылдам жетелик.

Төрттөн-төрттөн сегиз бала,
Эки араба баратат.
Ата-энелер кубанышып,
Балдарына карашат.

Жарышканда арабалар,
Бири калып, бири озот.
Ат мойнунда жылаажындар
Бир-бирине үн кошот.

Кезек жетип тургандар да,
Ирет менен минишет.
Кичинекей Москөөлүктөр
Зоопаркта ойноп жүрүшөт.

## 3. Кичинекей достор

Күчүк келип мамалактын
Тумшугунан жалады.
Кирпи башын чыгарып,
Бөлтүрүккө карады.

Бөлтүрүктү, козуну
Арабага чегиптир.
Коён өзү башкарып,
Улак минип көнүптүр.

Таарынгансып четте турат,
Кашкулактын баласы.
Төө куш менен чөө экөөнүн
Ойногонун карачы.

Мышык, чычкан дайым бирге,
Бачики менен жөжө дос.
Жаш айбандар жакшынакай
Бирге жүрөт ырга кош.

## 4. Сүрөткө түшсө сонун да

Өз боюнан он эсе чоң
Галя минди жирафты.
— Кантип миндиң Галя, — дешип,
Көрбөгөндөр сурашты.

—Шаты менен чыгып бардым,
Үзөңгүгө бут салдым.
Өзүмө чак ээри жаңы,
Чочубадым, минип алдым.

Тартып жираф тизгинин,
Галя күлүп теминди.
Алга карай адымдап,
Бийик жираф элирди.

Чоң айбанды башкарып,
Аркы-терки бастырды.
Өзүнө-өзү кубанып,
Сүрөтчүнү шаштырды.

Чык эттирип сүрөтчү
Өз жумушун бүтүрдү.
Асан, Шура учкашып,
Сүрөтчүгө күтүндү.

Вераны төөгө мингизсе,
Жыгылам деп ыйлады.
Өркөчүнөн кучактап,
Корккондой түз турбады.

Аны дагы сүрөтчү
Тартып алды акырын.
Сергей келди бастырып,
Зоопарктын минип качырын.

Алар да кошо тартылды,
Көгөргөн көлдүн боюнда.
Ушул жерде, бөбөктөр,
Сүрөткө түшсөң сонун да.

### V. Москвич

Бергениңди тосуп алып,
Пил баласы күдүңдөйт.
Оозго салат кант, конфетти
Чайнаганы билинбейт.

Папиросту сунса бирөө,
Москвич-пил тийбеди.
Кайра дагы көрсөттү эле,
Тумшугу менен үйлөдү.

Карап турган балдар күлүп,
Акылына таңданды.
Папирос сунган конфет берсе,
Таарынгансып албады.

Көлгө түшүп таза жуунду,
Кайра чыкты талаага.
Эмнегедир карап калды
Гүл кармаган балага.

Гүлүн сунса тиштеп алып,
Басып кетти шашыла.
Коюп койду тиги жаткан
Энесинин башына.

Бирөө берсе булочка,
Алып аны кубанды.
Тумшугун түз көтөрүп,
Кызыл тилин чыгарды.

Кайда кетти булочка,
Турган балдар билбеди.
Ыракмат айтып жаткансып,
Москвич көзүн ирмеди.

Кызыктуу жер ушул жер,
Качан болсо толгон эл.
Келип калсаң Москвага,
Зоопарк сонун, барып көр.

## БИЛБЕСБЕКТИН БИЛГЕНИ

Даяр тамак, даяр нан,
Билбесбектин жегени.
Бир топ суроо сурасаң,
Күлүп мындай дегени:

— Кант кар менен түшөт дейт,
Көйнөк өзү бүтөт дейт.
Вагону менен паравоз,
Көл, деңизде сүзөт дейт.

Анделекти бышырса
Алма болуп калат дейт.
Дарбыз, коонду колхоздо,
Жерден казып алат дейт.

Бак башында капуста
Кат-кат болуп өсөт дейт.
Асмандагы алтын күн
Кеч киргенде өчөт дейт.

Бутундагы өтүктү
Кездемеден согот дейт.
Шакек, сөйкө, ийне-жип
Суу түбүндө болот дейт

Электрдин жарыгы
Асманда айдап келет дейт.
Топчунун да көзү бар,
Мен сыяктуу көрөт дейт.

Стол, стул кашыкты
Тоо токойдо турат дейт.
Билбегениң ушубу,
Агай сизге уят дейт.

Сүт, каймакты, айранды
Тоодон чыккан булак дейт.
Чака, казан, дагыра
Кулагы бар угат дейт.

Айнек, күзгү, бөтөлкө
Тоңуп калган муздан дейт.
Набат менен шекерди
Бөлүп алган туздан дейт.

Үй, кой, эчки заводдон
Мөөрөп, маарап чыгат дейт.
Ширеңкени, чыракты
Күйгөн оттон кылат дейт.

Ушул экен, досторум,
Билбесбектин билгени.
Алты да экен азамат,
Кыйынмын деп сүйлөдү.

## БИР ПАРТАНЫН АРМАНЫ

Парта болуп келгениме
Али бир жыл боло элек.
Мени сырдап бергенине
Али бир жыл толо элек.

Капталымды күндө тилет,
Ашым мени жаралап.
Жыга тартат
Сыя төгүп каралап.

Атын жазды маки менен,
Досу экөөлөп оюшту.
Бир бутумду кесип терең,
Кыйшайдатып коюшту.

Бүткөн боюм оймо-чийме,
Сыя менен жазышат.
Ой, ой, тентек, мени тилбе,
Денем ооруйт, ачышат.

Мен жасалгам силер үчүн,
Китептерин салсын деп.
Жай отуруп, жумшап күчүн,
Жакшы билим алсын деп.

## КОРКОККО КОШ КӨРҮНӨТ

— Тигил эмне тарбайган,
Аюу келе жатабы?
Карышкырбы арбайган,
Кокуй, үйгө качалы.

Акырын бас, абайла,
Мында жылан көп болот.
Уккан элем Алайда,
Чөөлөр талап жеп коёт.

Камандын тишин карачы,
Калп айтпасам бычактай.
Тырмактуу аюу салаасы,
Калбасын бизди кучактай.

— Аюу эмес тарбайган,
Казылган дүмүр турбайбы.
Коркокко кош көрүнөт,
Андан көрө ырдайлы.

— Мени бекер алдаба,
Коё бер, колду кармаба.
«Коркпойм», бирок кетейин,
Үйүмө ылдам жетейин.

Катуу согот жүрөгүм,
Кокус болот билемин.
Койчу, алыс барбайлы,
Биз адашып калбайлы.

— Андай болсо кете бер,
Биз алыска барабыз.
Түнт токойду аралап,
Жер танабын чалабыз.

— Жалгыз кантип кетемин,
Караңгы түн кирет го.
Биз токойдо жүргөндү
Карышкыр, каман билет го.

— Коркокко кош көрүнөт,
Бул адатты таштагын.
Көзүңдөн жашың төгүлөт,
Үйдөн алыс баспагын.

Жүрөгү жок эмедей,
Токойго барсаң коркпогун.
Кичинеден кенебей,
Кайраттуу бол, досторум.

## АР ДАЙЫМ ЖАКШЫ ТАЗАЛЫК

Чаң сапырып ойногон
Айтпаса жуунуп койбогон.
Жапаркул деген бир бала
Көргөнүмдө кордоном.

Жек көрөт дайым самынды,
Какачка колу кабылды.
Эмне үчүн бизди жуубайт деп,
Бети-колу таарынды.

Мамалагын бойтойтуп,
Аюу дагы киринет.
Тумшугуна кир койбой
Аппагым деп сүйүнөт.

Суугa түш десе ыйлаба,
О Жапаркул кыйнаба.
Башыңа самын сыйпаса,
Азоо тайдай туйлаба.

Азыр сен туура бештесиң,
Тазалык үйдөн кетпесин.
Өйдө бол, өрдөк каздардан,
Мамалак сенден өтпөсүн.

## КИМДЕ АЙЫП?

— Ыйлаба, Алиш, чаңырып,
Үнүңдү ылдам баса кой.
Көз айнегин тагынып,
Врач келет, жата кой.

Жамбашыңа ийнеден
Дары куюп салбасын.
Ак халат экен кийгени,
Алып кетип калбасын.

Кызы ыйлабай басылды,
Эки көзү алаңдап.
Апасына жашынды,
Корконунан карайлап.

Экинчи күнү ыйласа,
Келип калат чөө деди.
Турамын деп туйласа,
Келип калды төө деди.

Күндөн күн өтүп кыш келди,
Кең талаа ак кар жамынып.
Далай жумуш иштелди,
Кыш башынан табылып.

Бир күнү катуу суук тийип,
Алыйма улам чүчкүрдү.
Сасыктумоо деп билип,
Апасы коркуп үшкүрдү.

Атасы врач чакыртты,
Тезинен үйгө келсин деп.
Ооруп жаткан кызымды,
Онтотпой тез көрсүн деп.

Врач кирип келгенде
Алыйма кыз ыйлады.
Термометр бергенде
Колтукка койбой туйлады.

Тыңшайын десе өпкөсүн,
Тыбырчылап болбоду.
Жалынып сүйлөп жатса да,
Жактырып угуп койбоду.

— Оорубайт менин эч жерим,
Үйдөн чыгып кете кой.
— Жашыңды бекер төкпөгүн,
Көйнөгүңдү чече кой.

Алыйма сөздү укпады,
Ансайын катуу бакырып.
Төшөгүнөн чыкпады,
Чүмкөнүп улам жашынып.

Убара кылды врачты,
Буттары менен тепкилеп.
Карап алып халатты
Улам күчөп эчкирет.

Врач келсе ыйлаган,
Көрдүм аны мен барып.
Эмне үчүн ал антет,
Айткылачы, кимде айып?

## ВОЖАТЫЙ

Ал вожатый
Кызыл жагоо тагынган.
Значогу жаркыраган жалындан.
Саякатка
Балдар менен барам деп,
Бир топ күндөр
Даярданып камынган.
Бир ай бою
Чөп күйгүзүп күн ысып,
Далай адам
Чыдай албай тердеген.
Бирок кечээ
Шамал жүрүп, жаан кызып,
Тоонун ичи толуп кетти сел менен.
Чатырдагы олтурушкан балдардын
Бири дагы мындай жаанды көрбөгөн.

Саат сегизге жеткенде
Кирип келди вожатый:
— Эртең жолго чыгабыз,
Талаада оюн курабыз.
— Асман толгон булут го,
Аны эмне кылабыз?

— Жааса жаасын коркпойбуз,
Саякатка чыгабыз.
Уктагыла баарыңар,
Эртең эрте турабыз.

Калың бактын үстүндө,
Көрдүк туман жатканын.
Кыйкырды короз талпынып,
Билгизип таңдын атканын.

Бараткан бизге жол бербей,
Араладык баданы.
Жалкы мүйүз, жоон моюн
Бука бизди карады.

— Качкыла жолдон ой, балдар,
Тентек бука сүзбөсүн.
Көрдүңөрбү кызыл көз
Ачууланып тиктешин.

Жер челип колхоз букасы
Бизди көздөй жөнөдү.
Вожатый «сүзбөйт» деп айтты,
Жейт бекен нандан берели.

Нанды сунуп букага,
Көрсөткөндө ал жеди.
Сүзбөй, бизди коркутпай
Акырын гана жол берди.

Шуудурум баскан калың чөп,
Аба да салкын таң менен.
Баратабыз адымдап,
Балалык жыргал шаң менен.

Жол бою катар терек көп,
Сүйлөшөргө сөз белен.
Кызыгы жок даңгыр жол,
Кыя менен жүрөлү.
Тоскоолдорду биз жеңип,
Көп нерсени билели.

Булактын суусу шылдырап,
Кыйкырсак тоодон үн чыгат.
Көгүчкөн канат каккылап,
Токою тоонун кулпунат.

Аскадан аркар көрүнөт,
Ошого көңүл бөлүнөт.
Кайталап мылтык атылса,
Көрсөм деп жүрөк элирет.

Адам басбас аскага,
Абайлап чыгып барганбыз.
Минералдан, таштан да
Баштыктарга салганбыз.

Капчыгайдын терең коо,
Эки жагы аска зоо.
Атырылат Чүй суусу,
Кубангансып Кыргыз тоо.

Ал жерден түшсө жар экен,
Куюлган куму бар экен.
Жардашып жүргөн биз үчүн,
Жолу начар тар экен.

Деп кыйкырып вожатый,
Мен жүргөн жакка карады.
Тартып алып колумдан,
Вожатый ишке жарады.

Аңгыча балдар топтошуп,
Тегеректеп алышты.
Мен чыккан жерди белгилеп,
Картага тартып салышты.
— Эми, балдар, эс алып,
Костёрго отун тергиле.
Кызарып күндүн батканын
Байкаштырып көргүлө.

Мүйүзүндөй бугунун
Арчанын кургак тамыры.
Көрүнүп жатты айылга,
Биз жаккан костёр жалыны.
Ырдагансыйт биз менен
Тоо суусунун агымы.
Жалындап күйгөн костёрдун
Караңгыны качырып,
Өрөөнгө тийди жарыгы.

## ФУТБОЛИСТТЕР

Тоо ичинде түптүз жерге,
Боз үйдүн арт жагында
Ташын терип, тазаладык,
Кабар бердик айылга.
Биз ойнойбуз бүгүн футбол,
Чарчаганча тебебиз,
«Окуучулар» командасын,
«Ылаачындар» жеңебиз.

Элдер толду. Судьянын
Ышкырыгы угулду.
Ышкыбоздор бири калбай,
Ушул жерге жыйылды.

Тепти топту учту асманга,
Керим тепти биз жакка.
Дагы тепти алыс кетти
Аралашып таштарга.

Кызыгандар кыйкырышты,
Ысмайылга караашты.
Оң капталда ойногондор
Озунушту, талашты.

Тебилди топ, вратарь жок,
Көрдү, бирок жетпеди.
Ачылды эсеп, келди кезек,
Топтон эч ким өтпөдү.

Түртүп койду билбейт го деп,
Көрүп калды судья.
Он бир метр штрафной
Кел, катарга тургула.

Тынчтанышты олтургандар,
Көңүл коюп караштьь.
Үйдөн чыгып чоң энем да
Балдар жакка баратты.

Тепти жана топ көкөлөп,
Ок учкандай көрүндү.
Арыстандай так секирип,
Колу-буту керилди.
Тосуп алды вратарь
Топко коюп көңүлдү.

Ышкыбоздор ураалашты,
Чапкылашты колдорун.
Вася биздин капитан
Кайраттанды, карачы,
Башы менен койгонун.

Куштай учту, көктө сызды,
Керим тепти аябай.
Шилтегенде Сергей бутун
Тосуп алды Карабай.

Таамай тепти, учуп кетти,
Чамгаракка жабышты.
Көргөндөрдүн бири калбай,
Кол чаап күлүп калышты.

Кайнап жаткан казандагы
Сууга түштү тепкен топ.
— Тобуңарды алгыла,
Ойнуңарга кангыла.
Балдар качты бириндеп,
Кемпир келди күлүңдөп:
— Болгула, ылдам келгиле,
Көрөйүн, ойноп бергиле.

Кайра келди топ ортого,
Керим кууп жөнөдү.
Карабай да оңой эмес
Эгер алса береби.

## ЖАҢГАКТУУ ТОКОЙ

Ала тоо ак кар башында
Жерим бай, толгон асылга.
Жаңгактуу токой,
Болгон белең ой, досум,
Жазында...
Ат минип анда барабыз,
Кээ кезде минип качырга.
Жыгылып калба абайла,
Бийик экен Таш-Кыя.
Үч кулач келген жаңгактын
Түбүнө барып жаткыла.

Чөп жаңыдан көрүнүп,
Жаз келди көңүл бөлүнүп.
Коңуздар кайра оңгонду,
Кашкулак жүрөт эригип.

Таш түбүнөн булактар
Комуздун күүсүн чалгандай.
Капчыгайдан добуштар
Чыга берет ар кандай.

Коён качат секирип,
Барып калсаң бекинип.
Жорголоп жүрөт шагылда
Колтугу чаар кекилик.
Жаңгактар бүчүр байлаган,
Күчкө кирип жетилип.

Шаңдуу келет май айы,
Гүлгө толгон бүт жагы.
Жел менен кетет алыска,
Жылдыздай гүлдүн жыттары.
Уялар салат бутакка
Токойдун толгон куштары.

Түлкүлөр жүрөт сабалап,
Коёндор токой аралап.
Кирпилер бизден жашынып,
Карышкыр качат талаалап.

Секирип качып эликтер,
Аюулар да бал издээр.
Жаңгактуу токой арасын,
Жай мезгилде барып көр.

Алма, алмурут албырат,
Издесең баары табылат.
Күчүнө кирип күз келип,
Жаңгактар шондо кагылат.

Эмгектенген эл толот,
Жаңгак абдан көп болот.
Чытырман токой саргайып,
Жашылдануу токтолот.

Каптарга салып жаңгакты
Эшекке артып келебиз.
Жыкжыйма «ЗИС»ке толтуруп,
Шаар, айылга беребиз.

Кышында аяз булунгөн,
Тоо тегиз ак тон кийинген.
Эрмек кылып жаңгакты
Жаш балдар чагып сүйүнгүн.

## АК АЛТЫНДЫН АТАСЫ

Жер ойгонуп, жаңыдан таң атканда,
Кыр-кырларга алтын күн нур чачканда.
Түндө үч саатча жамгыр жааган шыбырап
Азыр чымчым сур булут жок асманда.

Талаа көркү жашыл сыя төккөндөй,
Абасы атыр жалбыз чачып кеткендей.
Маңдай жакта көлөкөлүү кара тоо
Килем жапкан кызыл буура чөккөндөй.

Ошол тоонун саймалуу этек жагында,
Чоң колхоздун алмасы бал багында,
Орнотулган ойдогудай эстелик
Көрк берет ал арабандык айылга.

Эстеликтин өткөн ошол тарыхын
Баяндайын элдик мурас салымын.
Ыр кирпичин ирет менен куяйын,
Өзгөртпөстөн, өлчөм менен калыбын.

Эмгек менен жумушчудай күрөштү,
Арыш керип ай айланып жыл өттү.
Кетмен чапты, соко айдады, жер казды
Кубандырды далай-далай жүрөктү.

Сайды таштан тазалады, тынбады,
Жер семирткич, кыкты, кулду жыйнады.
Жаз башынан кайра жазга келгенче,
Бекер карап жумушу жок турбады.

Чигит экти ар бир түбүн санады,
Өнгөн сайын өз жанындай карады.
Ишин бүттү, ардактады, сыйлады
Ата кандай сүйсө жапжаш баланы.

Чөбүн терди күрүчтөн таш тергендей,
Суу сугарды эне сүтүн бергендей.
Чигит чыкты апийимдей гүл алды
Жадырап жаз жагоо тагып келгендей.

Жер жумшартып кайра дагы сугарды,
Иш артынан иш көбөйүп уланды.
Чанак алды түйүлгөндөй топ жаңгак
Берекеге бел байланды, кубанды.

Чеканкалап ар бир учун пахтанын,
Байкап көрүп чанак толгон шактарын,
Өзү болуп агроном өзүнө
Эрежесин эмгек менен баптадың.

Күз да келди, жумуш күчөп кайнады,
Бадырактай пахта ачылды жайнады.
Жүз он грамм эң биринчи теримде
Ак алтындын ар түбүнүн салмагы.

«Аракетсиз өнөр өзү келеби,
Чанак койбой пахтаны арбын терели.
План толсун эң кеминде жүз элүү,
Ак пахтаны өлкөбүзгө берели».

Деди дагы терим ишин улантты,
Айткан сөзү ар адамды кубантты.
Жалкоолукка жол ачкандар көрүнсө,
Бетине айтып эл ичинде уялтты.

Келди Октябрь кызыл туусу кылкылдап,
Терезеден Ильич берген нур чыгат.
Атырылган пахта терүү планы
Майрам шаңдуу үнү бийик ыр чыгат.

Ар гектардан токсон сегиз центнерден,
Мындай түшүм мындан мурда ким көргөн,
Куттукташып Алля акени ар кими
Эмгегине сыймыктанып кол берген.

Алля аке ак алтындын атасы,
Ишинде жок кымындай да катасы.
Алля акенин өзү өстүргөн пахтасы
Араванда пахталардын тазасы.

Ошол жылы гүлгө бөлөп айылды,
Күн нурундай жаңы кабар жайылды.
Эмгегине экинчи алтын медалды
Алля акебиз ардак менен тагынды.

Орнотулган ошондогу эстелик
Ырга коштум, өзүм барып көз көрүп,
Учурашып, амандашып, өбүштүм
Алля акеге ыр аралаш гүл берип.

## ЧОҢ ЭНЕМ

Кичинемден жетелеп,
Эркелеткен эзилип.
Чарчап калсам көтөрөт
Чатагымды кечирип.

Менсиз тамак жебеген,
Кайда жүрсөм чакырып.
Кандай жакшы чоң энем
Ойной берем асылып.

Денеме кир жүгүзбай,
Күн алыс сууга түшүрүп.
Кийимимди белендейт,
Турарымда күтүнүп.

Чоң энемдин тиштери аз,
Санап көрсөм араң он.
Айтып берем баарын жаз,
Тигип берет мага тон.

Мен сегизге келгенде,
Эми таза жүр деди.
Апам китеп бергенде,
Окуп баарын бил деди.

Кошо барды мектепке,
Оң колумдан жетелеп.
Жакшы оку дейт кубанып,
Мектепке өзү өтө элек.

Үйгө кайра келгенде,
Сурап калат сабактан.
Баарын айтып бергенде,
Жакшы же дейт тамактан.

Эки алып калсам эсептен,
Чоң энем көрүп уялды.
Турбай жатып төшөктөн,
Ачуусу келип кубарды.

Беш алып калсам кубанат,
Өзүнө беш койгондой.
Күлүмсүрөп сыланат,
Бүгүн майрам болгондой.

Биринчини бүткөндө,
Жигит болдуң деп айтты.
Неберем деп күлүңдөп,
Төмөнкүдөй кеп айтты.

«Мугалимдин сөзүн ук,
Көңүлүңдөн чыгарба.
Көп нерсени билип чык,
Кыйынмын деп кубанба.

Сылык деген жакшы сөз,
Сыпайы бол ар дайым.
Окуй турган ушул кез,
Ойло, балам, жагдайын».

## БИЗДИН КАЛПАК

Жүн кезинде сабалып,
Күлкайырдай агарып.
Чебер уздун колунан
Ак калпагым жаралып.

Баркыттан жээк салынып,
Төбөгө чачы тагылып.
Кийип алсаң калпакты
Кийимиң кошо жаңырып.

Кийгенге калпак жарашып,
Көргөндөр токтоп карашып.
Кайсы улут деп калпакчан
Калгандар бар талашып.

Бирөө кытай деп айтса,
Бири дунган экен дейт.
Бирөө башка кеп айтса,
Үчүнчүсү бекемдейт.

Ак калпагым билгизет,
Ала тоолук кыргызды.
Маңдайга тагып алгандай
Алтын казык жылдызды.

Суктанат биздин калпакка,
Сураныт кийип көрөм деп,
Сүрөткө түшүп заматта
Кайра өзүңө берем деп.

Бир заматта калпакты,
Бир нечеси кийинет.
Сүрөткө түшүп негир дос,
Ыракмат айтып сүйүнөт.

Биздин калпак достуктун
Символу болду билгенге.
Кыргызга окшоп калдык деп,
Кытайлар айтты кийгенде.

Кыргыздын ак калпагы
Белек болду көп элге.
Тынчтыктын ак кептердей,
Тарап кетти көп жерге.

## БОЗ ҮЙ

Биздин боз үй фестивалда,
Москвада тигилди.
Айланасы толуп шаңга
Мейман, достор сүйүндү.

Кымыз бердик келгендерге,
Боорсок менен сыйладык.
Комуз чертип көргөндөргө,
«Ой тобону» ырдадык.

Скрябин өзү келди
Кыргызына кубанып.
Ак калпагы бизден белги,
Жаш жигиттей сыланып.

Жерге салып оймо шырдак,
Туш кийиздер туш тарап.
Немец, кытай кошо ырдап,
Ак боз үйгө гүл тагат.

Килем такты түркмөндөр
Туш кийиздин жанына.
Конок болуп түрдүү элдер,
Белек бердик баарына.

Бир ай бою боз үйүбүз
Конок алды аябай,
Москвада бүт сүйүүбүз
Гүлгө оронгон баладай.

## КРЕМЛЬ КОШО ЫРДАДЫ

*(Фестивалга катышкан комузчу досторума).*

Он эки жигит, үч келин
Улуттук киймин кийгени.
Ортого чыгып баарысы,
Он жеңдерин түрдү эми.

Комуздар сүйлөп, шаңкылдап,
Кремль кошо ырдады.
Черткен сайын шартылдап,
Назик күү элди сыйлады.

Жарыштырып алыстан,
Жүз жоргону салгандай.
Тегиз болуп даанышман,
Байгени күлүк алгандай.

Таңданышып көргөндөр,
Таң калышып угушат.
Бүт дүйнөдөн келгендер
Кас катар карап турушат.

Бирде комуз капталда,
Бирде комуз артында,
Таң кала берсин дүнүйө,
Талыкпа, комуз, шартылда.

Кээде шар аккан суу болуп,
Кээде учкан ак куу болуп
Чертилип жатты комуздар,
Кээде талаш, чуу болуп.

Безбелдек болуп безилдеп,
Укканга достук сезилмек.
Он беш комуз так сүйлөйт,
Ойной турган кезим деп.

Он эки жигит үч келин,
Ызаат кылып турганда.
Кол чабылды талантка,
Кыргыздан чыккан ырларга.

Таң калды бүткүл дүнүйө,
Комузду тиктеп карашып,
Уккандай күүнү күнүгө,
Укмуш, — деп талашып.

## ЕГИПЕТТИК ЖАШ БАЛА

Көкүрөк толгон значок
Тармал чач кара баланын.
Москвада көңүл ток
Ар кимге берип саламын.

Кремлди тагыптыр
Жаркыратып төшүнө.
Орок, балка жагыптыр
Кубат берип өзүнө.

Значогу кыргыздын
Жүрөгүнүн жанында.
Белгиси бар жылдыздын
Нур чачкандай айылга.

Египеттен келиптир
Фестивалга алыстан.
Көп значок бериптир
Көп достору таанышкан.

## ҚОЗУ-УЛАК

*(Жомок)*

— Ойносоң жөн ойногун,
Мүйүзүң менен сүзбөгүн.
Мындай тентек болбогун,
Бар күчүң менен түртпөгүн.

Күчүк деген досума,
Айтып коём акырын.
Апам менен кошуна,
Талайт сени баатырым.

Тиштеп алса, кулагың,
Қуйругуң да жулунат.
Қутурбагын улагым,
Тентектигиң тыйылат.

Секирбегин башымдан,
Қаргышыма каласың.
Қандай неме асылган,
Қурсагымды жарасың.

Болду эми тийбегин,
Кагып коём жининди.
Бекеринен күлбөгүн,
Чакырамын инимди.

Айтканга улак болбоду,
Ак козуну кубалап,
Өз эркинче ойноду.
Соргок улак сугалак,

Сындырамын колунду,
Арызданам мышыкка.
Тоспо деймин жолумду,
Салайынбы кызыкка.

Кандай неме теппегин,
Булганч экен туягын.
Астымдан түк өтпөгүн,
Көтөрүп чаап жыгамын.

Жиним келсе тим эле,
Оозу-мурдуң айрылат.
Муштап койсом бир эле,
Кабырган кайрылат.

Жүндөрүңдү жуламын,
Искек алып колума.
Жиним келсе урамын,
Турбагын дейм жолума.

Улак ойноп күлүндөп,
Коркпойм, — деди күчүктөн
Көрсөң мунун сүрүн деп,
Күчү менен түшүнткөн.

Иниң эмес агаңа,
Мени урду деп барып кел,
Мага десең тагаңа,
Ушак кылып жайып кел.

— Сениби сени карап тур,
Жаман экен кыялың.
Айтканыма көңүл бур,
Өзүңдү аяп турамын.

— Аяба коркпойм, аяба,
Калбасын ичте арманың,
Караба, коркпойм, караба,
Апаңа ыйлап барбагын.

Эми чындап сүзүшүп,
Кадимкидей урушту.
Улам кезек күтүшүп,
Бирин-бири жыгышты.

Башынан кан жайылтып,
Ак козу ыйлап баратты.
Мүйүзү сынган улактын,
Шылдыңдап баары караштЫ.

Ошондон кийин козу-улак,
Бирин-бири аяшты.
Урушпас үчүн эч качан,
Кучакташып жарашты.

## АЯЗ АТА

Сакалдары чубалып,
Муруттарын кар баскан.
Балдар көрүп кубанып,
Жолун тосуп жарданган.
 Аяз ата бабабыз
 Ага жагоо тагабыз.

Аяз ата чиймелеп,
Тереземе гүл тартты.
Талаа, тоого тийбе деп
Мамык сындуу кар жапты.
 Аяз ата бабабыз,
 Окуубуздан жагабыз.

Күмүш чапан кийинди
Арча, кайың, тобулгу.
Аяз ата сүйүндү
Баштап берип оюнду.
 Аяз ата бабабыз
 Кардан үйлөр салабыз.

## ТҮШҮМ ТЕРИШ

*(Хор).*

Токой толгон жаңгак экен,
Токой толгон алмалар.
Көрбөгөндөр мында келсе,
Көркөмүнө таң калар.

Кайырма:

Кана, жаңгак терели,
Алманы көп берели.

Токой толгон жийде экен,
Токой толгон мистелер
Көрбөгөндөр мында келсе,
Көрүп алып күчтөнөр.

Кайырма:

Кана, жийде терели,
Мистени көп берели.

Токой толгон өрүк экен,
Токой толгон алчалар.
Шамал жүрсө жайбаракат,
Сансыз жемиш калчалар.

К а й ы р м а:

Кана, өрүк терели,
Алчаны көп берели.

Токой толгон токсон жемиш,
Арстанбабда билсен көп иш.
Күз келгенде сен да барып,
Эмгектенип түшүм териш.

К а й ы р м а:

Мол жемишти терели,
Дайым жардам берели.

## ҚАДИМКИ ЧОЛПОН-АТАБЫЗ

*(Хор)*

Жыл бою жибек оронуп,
Гүлдөп турган убагы.
Суусуз чөлү жоголуп,
Ыр ырдайт тунук булагы.

Калың бак көлдүн боюнда,
Кадимки Чолпон-Атабыз,
Качан да барсаң сонун да,
Калтырбай баарын жазабыз.

Көлкүлдөп көлү чайпалып,
Ат кылып кайык минебиз.
Болгонду, балдар, айталык,
Ысык-Көлдү сүйөбүз.

Тескей-күнгөй Ала-Тоо,
Капталы калың карагай.
Капчыгайы бийик зоо,
Колхоздору малга бай.

Калың бак көлдүн боюнда,
Биз айткан Чолпон-Атабыз.
Келгиле, балдар, сонунга,
Эс алып мында жатабыз.

## ЖАҢЫ КӨЧӨ

Күндөн көзүм уялып,
Бараттым мен да кубанып.
Күлүңдөйт гүлдүү май айы
Жибек сындуу сыланып.

Үйлөрү бийик көп кабат,
Ала-тоодой даңктанат.
Катар тиккен теректер,
Жел жүрсө күлүп шаттанат.

Шылдырап суулар арыктан,
Обон салып жарышкан.
Стадион жашылдан,
Шаардыктар күндө барышкан.

Тетиги кооз көрүнгөн,
Тамдан жиптер өрүлгөн.
Кездемелер көбөйүп,
Айылга, шаарга берилген.

Күн батса биздин көчөдөн,
Жылдыздар жанат жердеги,
Бак ичинде бийлешкен,
Көңүл ачып элдери.

Биздин көчө жөнүндө
Бир акын келип ыр жазган.
Бул көчөдөй эң сулуу
Эч жерде жок деп айткан.

## СУУ КЕЛДИ

Тоонун тунук булагын
Ар бир үйгө киргизди.
Ылайлабай кулагын,
Түтүк менен жүргүздү.

Бир убакта суу качып,
Кар эритип жатчу эле.
Арабалап суу ташып,
Ар бир үйгө сатчу эле.

Убара болуп жеңемдер,
Чөөт издеп жүрчү эле.
Чилде түшсө энемдер,
Короого музду үйчү эле.

Азыр үйдө чоргом бар,
Бурап койсом суу чыгат.
Чоргом күмүш көрсөң ал,
Жалтырайт да, баспайт дат.

Тоонун тунук булагы
Кирип келди үйүмө.
Тазаланып жууна бер
Он беш жолу күнүгө.

## БҮЛӨӨЛҮНҮ БАРЫП КӨР

Бүлөөлү деген кызыл жар
Аскасы бийик жолу тар.
Этекте гүл жайнаган,
Чокусунда кетпес кар.
Ошол жардын түбүндө
Кайнап жаткан булак бар.

Кымыздай суусу көбүрүп,
Түбүнөн ташы көрүнүп.
Ашып-ташып аптыгып,
Жаткан сындуу төгүлүп,
Кадимкидей газ чыгат,
Жутканында бөлүнүп.

Ал өзүнчө арашан,
Күзгүдөй тунук карасаң.
Ырга кошуп ысыгын,
Арнап саптар жаратам.
Бүлөөлү жердин соорусу
Болбойт экен саратан.

Капталы калың карагай,
Өрөөнү кенен талаадай.
Араладым токоюн,
Балатасы баладай.
Былкылдаган сазын көр,
Жылтылдаган кара май.

Улары биздин улактай,
Текейи ат кулактай.
Кекиликтер жорголоп,
Чилдери басат топ-топ жай.
Атып алсаң кулжасын,
Эти жок жалаң аппак май.

Саймалуу калкан көполөк
Көп учат бийик көкөлөп.
Чокусуна асканын
Бүркүттөн башка жете элек.

Жайында чатыр тигилип,
Көп балдар келет сүйүнүп.
Лагер жылда ачылып,
Бүлдүркөн бышкан түйүлүп.
Карагаты күзүндө
Өзүнөн өзү кубулуп.

Көңүл ачып түн катып,
Костёр жагып ырдашып.
Гербарийлер жыйнашат,
Ирээти менен кургатып.
Алайдын мектеп балдары
Дем алышат жыргашып.

Чүкүрүсүн теришип,
Чогулушуп бөлүшүп.
Бетегеси жылгаяк
Чана минип тебишип,
Мөөрөй коюп жарышат,
Шамдагайлар жеңишип.

Булөөлү көркөм сонун жер,
Абасы салкын акпайт тер.
Ар жагы жайлоо Бүргөндү
Атагы ашкан жайлуу төр,
Алайга келсең ар кимиң,
Булөөлүнү барып көр.

## ДОСТУК БАГЫН ТИККЕНДЕ

Кучунө кирип саратан
Күн күлүп турат карасаң.
Көп жаштардын ичинде
Көңүлдүү мен да баратам.

Ар биринде күрөк бар,
Ар тилде сүйлөйт кулак сал.
Көтөргөнү көчөттөр:
Карагай, терек, арча, тал.

Немец, орус достошуп,
Кыргыз, кытай окшошуп,
Бүткүл улут ушунда,
Бара жатат топтошуп.

Ачык жерге келишти,
Балдар жүрөт, көрүштү.
Ар өлкөнүн өзүнө
Арнап жерди бөлүштү.

Кызыл жагоо тагынып,
Пионерлер камынып,
Команда берди жаш бала,
Келгендин баары багынып.

Ар кими чуңкур казышты,
Көчөттөр тигип жатышты.
Ар бир түптү ким тиксе,
Ошонун атын жазышты.

Бир катарда ак кайың,
Ээлешти эми өз жайын.
Көчүрүп мында келгендей,
Жер шарынын бүт багын.

Тал, терек, эмен жайнады,
Тигилбей көчөт калбады.
Фестивалга келгендер
Достукка бакты арнады.

— Урматтап шефке алабыз,
Достуктун багын багабыз.
Тынчтык, эмгек тилектеш
Комсомол биздин агабыз.

— Достуктун багы бүрдөсүн,
Көбөйүп жылда гүлдөсүн.
Зомбулукту, согушту
Дүйнөдө эч ким билбесин.

Деп сүйлөдү кытай кыз,
Колун кысып баланын.
Оң төшүндө беш жылдыз
Берген сындуу саламын.

Кучунө кирип саратан,
Күн күлүп турат карасаң.
Көпчүлүк менен бак тигип,
Көңүлдүү ырдап баратам.

## МЕНИН ЭМЕНИМ

Жаз башында үй жанына
Көмдүм эмен уругун.
Көлөкөлүү бак болсун деп,
Күндө карап турамын.

Кадимкидей бутак алып,
Жашылданып өсө бер.
Булбул, чымчык ыр ырдасын,
Жылдыздарга жете бер.

Сугарып жүрдүм дайыма,
Түптөп түбүн жумшартып,
Өстү бутак көрүндү
Келгендердин баарына.

Жалбырактар шуудурады,
Жел да келди тоо жактан.
Мына ушунда эменди
Күндүр-түндүр мен баккам.

Үйдөн чыксам бир күнү,
Кара эчки келип калыптыр.
Мен тиккен эмен кабыгын,
Сыйрам деп басып барыптыр.

Артынан куусам аянбай,
Дубалдан аша секирди.
Огородду аралап,
Айламды жаман кетирди.

Капталдан кармап тартканда,
Сүзөм деп мени качырды.
Эмениме жалгыз түп,
Өчөшкөнсүп асылды.

Анысына болбодум,
Артынан кууп, чек дедим,
Азыр көзгө көрүнбөй,
Аябаймын кет дедим.

Дедим да айдап эчкини,
Эменге тикен каладым.
Акырын өсөт антсе да,
Абайлаймын, багамын.

Бир күнү өсүп чоңойсоң,
Көлөкөңө келемин.
Үнүн угуп булбулдун,
Өзүм да ырдап беремин.
Бак-дарактар өстүрүү,
Мичурин берген өнөрүм.

## ЖАРДАМ БЕРДИК

*(Хор)*

Жардам бердик,
Алма тердик
Бай колхоздун багынан.
Ата-энебиз,
Ага-эжебиз
Алкыш айтты абыдан.

Жардам бердик,
Жүзүм тердик,
Корзинкалар толгончо,
Кесип бүттүк,
Чарчабай түк,
Тегиз жыйнап болгончо.

Жардам бердик,
Жаңгак тердик,
Көңүл ачып ойнодук.
Бакка чыктык,
Ыр ырдадык,
Жемиш тоюн тойлодук.

## ҚАЙЫГЫМ

Жасап алдым кайыкты
Эки барак кагаздан.
Суусу тунук арыкка,
Сүзсө калкып баратат.
Илип койсом желекче,
Қызыл гүлдөй жарашат.
Таңыркашып досторум
Таңданышып карашат.
Қичинекей бөбөгүм
Мага бер деп талашат.
Өнөрүмдү ушундай
Апам, атам жаратат.

## ЧӨП АЛАЧЫК

Жүгөрүнүн сабагынан,
Ала-бата, жалбыздан
Жасалыптыр чөп алачык
Кекиреден, камыштан.

Ийнеликтер учуп-конгон,
Семиз жердин жемиши.
Алачыкка коон толгон,
Жаш балдардын көп иши.

Тажрыйба жасап алар,
Билимдерин арттырат.
Ал жерден да алып баалар,
Күндө толгон иш чыгат.

Күн ачыкта эмгектенип,
Урук жыйнайт даярдап.
Бакча баккан Ашым көрүп
Бардыгына болот так.

Алма, өрүктү, коон какты,
Ирет менен жайышат.
Бадыраңды көп туздап,
Челектерге салышат.

Дарбыз ташып жеткиришет
Кызыл толгон кырманга.
Алып барат коон, анделек
Эгинди оруп жыйганга.

Алачыктын арт жагында
Үч чөмөлө саман бар.
Коон көмөт ошол жерге
Тез бышсын деп жаш балдар.

Кургатышат өрүк, жүзүм,
Роза гүлдүн таажысын.
Колхозчулар урматташат
Ушул иштин баарысын.

## ДОСТОРУМДУ СҮЙӨМҮН

Апам мага арнап тикти
Ак жибектен чак көйнөк.
Кийип алдым кечээ бүттү,
Жолдошторум көрсүн деп.

Таза кием көйнөгүмдү,
Кирдетпейм, чаң жугузбайм.
Айтып берем көргөнүмдү,
Балдар менен урушпайм.

Даярдаса эжем сабак,
Такыр жолтоо кылбаймын.
Апам жууса идиш-аяк,
Мен да карап турбаймын.

Кашык жууймун кадимкидей,
Тасмал менен сүртөмүн.
Эмгектенсем баары бирдей,
Өз маалында бүтөмүн.

Эжем менен бирге басып,
Гүлгө сууну куямын.
Жөжөлөргө таруу чачып,
Тамак берип турамын.

Апам тиккен көйнөгүмдү
Дайым таза киемин.
Айтып берем көргөнүмдү,
Досторумду сүйөмүн.

## ҚЫРГЫЗ ТООСУ

Көргөнгө көп алтының,
Көшүлтпөгөн салкының.
Берекелүү, белсемдүү
Мекенисиң калкымдын.
Қазынасы өзүңсүң,
Качан болсо жалпынын.
Көшөгөңдү кең ачып,
Көз алдыма тартылдың.

Гүл кайырың келиниң,
Күчү сенсиң демимин.
Эсепсиз экен учу жок,
Элиңдей узун өмүрүң.
Адамдын баарын кубанткан
Ачык кылып көңүлүн.
Эчен, эчен тоскоолдун
Жолундасың жеңүүнүн.

Ак жибектей булутуң,
Арбын экен жумушуң.
Шаркыратма сакалың,
Шайы гүлдөр мурутуң.
Булактарың күзгүдөй,
Киргили жок сулуусуң.

Адамга кан кымызың,
Ашып турат ырысың.
Өткөн жолду баяндайт,
Бетиңде кат-кат бырышың.
Баракелде байлыкка,
Берип жатат тымызын.
Күрмөнбөй күүгө так келген,
Комузумдун кылысың.

Жүк жыйгандай жондоруң,
Жүрүштө далай болгомун.
Жүрөгүм менен берилип,
Акылым менен ойлодум.
Окуп көрүп тааныштым,
Геологдор жазган томдорун.
Картасына түшүптүр
Кыя-кыя жолдоруң.

Чоңдор эмес балдарга
Ушул жазган ырларым.
Окуп алар чоңойуп,
Ачат дагы сырларын.
Геолог болуп кыдырып,
Изилдешет кырларын.
Көп кылым көрө беребиз
Кыргыз тоонун жыргалын.

## БӨБӨКТӨРДҮН ЭЖЕСИ

Айтып берет сүйкүм менен
Бардыгынан аз-аздан.
Түшүндүрөт баштан-аяк,
Жомокторду ким жазган.

Сайма сайып, кагаз бычып,
Пайдалуу ишке көндүрөт.
Талаштырбай оюнчукту,
Тепетегиз бөлдүрөт.

Ыр үйрөтөт обон менен,
Килем салып бийлетет.
Тили өссүн деп бөбөктөрдүн,
Кызык сөздөр сүйлөтөт.

Ак чоподон там салдырат,
Каалгаларын койдурат.
Печка жасап, морун куруп,
Терезесин ойдурат.

Кайсы чөптөн кандай пайда,
Түшүнтүп гүл тергизет.
Таза абада топ тептирип,
Көңүлдөрүн сергитет.

Машыктырат дене чыңап,
Зарядканы ойнотот.
Бардыгы дос, тегиз жолдош,
Бирин-бири колдошот.

Ак кагазга оймо-чийме,
Түрдүү сүрөт тарттырат.
Жарыштырат, чыккындарын
Куттуктайт кол чапкылап.

Ийне берип кыз балдарга,
Түрдүү буюм тиктирет.
Бул кайсы жан, кандай адам,
Ойлоп тапчы ким билет?

— Ал Айшакан тарбиячы
Бакчасында балдардын,
Бөбөктөрдүн эжесине
Ушул ырды арнадым.

## КИМ

Ак шейшепке ороп сени,
Кичинеңден баккан ким?
Уйку көрбөй узун түндө,
Таптап, сактап жаткан ким?

Сүтүн берип, сүйүп ийип,
Эркелетип күлгөн ким?
Мүнөзүңдү толук билип,
«Ырысым» деп жүргөн ким?

Талпынганда бутту шилтеп,
Колдон кармап баскан ким?
Чырагым деп, ынагым деп,
Мээримдүү сөз айткан ким?

Жомок, ырды үйрөтүп,
Көңүлүңдү ачкан ким?
Кийимиңди түрлөнтүп,
Керектүүңдү тапкан ким?

Иштесин деп эл үчүн,
Тилеген ким, бөбөгүм.
Актап өскүн ак сүтүн
Ардактуу, асыл энеңдин.

## АЙНА БӨБӨК

### I

Күн сайын эртең менен,
Кийим даяр, тамак белен.
Айна бөбөк сүт, чай ичип,
Нанга майды сыйпап жеген.

Айна бөбөк жардамдашат
Үй ичинде ишине.
Салам берип, сылык сүйлөйт
Үйгө келген кишиге.

Апасы иштейт фабрикада,
Кийим тигет балдарга
Пальто тигет, костюм тигет,
Кездемеден тандалма.

Айна бөбөк күндө угат
Апасынан, атадан:
— Биз жумушка барабыз, — дейт,
Келебиз, — дейт кайтадан.

—Жумуш деген кандай болот,
Көрсөт, апа, барайын.
Мен да үйрөнүп иш кылайын,
Баштан аяк карайын.

— Таңыркаба жумушка,
Кызыктар бар жумушта.
Фабрикага барганда,
Болбойт бекер турушка.

Кызым сенин жумушуң,
Кызык балдар багында.
Мен да ошондо болгомун.
Сендей бала чагымда.

Ойно, ырда, бийлегин,
Сугар бакча гүлдөрүн.
Окуп үйрөн, жатка бил,
Ырдын сонун түрлөрүн.

## II

Айна бөбөк көп бала,
Бакчага эрте барышты.
Кагаз бычып, топ ойноп,
Чоподон там салышты.

Жайнап жаткан көп гүлгө,
Айна бөбөк суу чачты.
Бөбөктөр менен катарда,
Бөйтөң, бөйтөң бир басты.

## III

Келди кайра жумуштан,
Апасы бүгүн эртелеп.
Айна кызын ээрчитип,
Көчөгө чыкты жетелеп.

Айланып бакча короосун,
Көпүрөдөн өтүштү.
Апасы дайым иштеген
Фабрикага жетишти.

Короого кире бергенде,
Чоң дарбаза ачылды.
Кыйкырып жаткан гудоктун
Үнү дагы басылды.

— Сиздин иш кандай, апаке,
Кызыкпы? — деп сурады.
Айтып берди апасы
Алдынкылар тууралу:

— Бир жерде бычып кийимди,
Бир жерде топчу кадашат.
Апасын ээрчип Айна кыз,
Бардыгын карап баратат.

— Бул жерде мен иштеймин,
Балдарга көйнөк тигемин.
Ушул жерден жасалган,
Сенин дагы кийгениң.

Мындай кызыл желекче,
Жакшы иштесең берилет.
Кандай иштеп жатканың,
Мына ушундан көрүнөт.

Желекчелер гүл сындуу,
Ар бир цехте көп экен.
Станоктор шакылдап,
Иш кызыган жер экен.

— Апа, мен да чоңойсом,
Ишимди эрте бүтөмүн.
Желекчеден бирди эмес,
Беш-алтыны күтөмүн.

— Орундалат тилегиң,
Мыкты иштеп желек аласың.
Эл үчүн эмгек сиңирсең,
Өлкөңө, кызым, жагасың.

Деп апасы айтканда,
Экинчи залга өтүштү.
Кийимдерди үтүктөп,
Жаткан жерге жетишти.

Иреттелип кийимдер,
Машинага салынды.
Биринчи смен бүттү деп,
Коңгуроо да кагылды.

## ЧАБАЛЕКЕЙ МЕНЕН ТАРАНЧЫ

Чабалекей чамынып,
Жаз башынан камынып.
Учуп келди алыстан,
Ушул жерди сагынып.

Үй шыбынын түбүндө,
Ылай ташып күнүгө.
Жасап койду уяны,
Эч ким тийбейт үйүнө.

Көргөндөрүм эсимде,
Түнөп калат кечинде.
Учуп кетти бир күнү,
Чабалекей бешимде.

Көрүп алып уяны,
Таранчы кирди, чыгабы.
Улам-улам баш багат,
Кетпейт окшойт сыягы.

Кайдан келген адашып,
Бирөөнүн төрүн талашып.
Чыкпай койду таранчы,
Чабалекейди жадатып.

Канатын куулөп каккылап,
Аркы-терки чапкылап.
Таранчыны—чыккын деп,
Талашат да, шаштырат.

Кабак бүркөп таранчы:
— Кайдагы сен, саламчы.
Талашпагын биерди,
Биер сага тиеби!

— Кууланбагын куу тумшук,
Андан көрө сөзүмдү ук.
Көп сүйлөбөй, көгөрбөй
Көтөрүлүп үйдөн чык.

Таранчы тил албады,
Өзү кетип калбады.
Чабалекей байкушка,
Эч кимдин тийбей жардамы.

— Эмесе көн сөзүмө,
Тамак ташыйм өзүңө.
Эгер чындап сөз берсең,
Ушул үйдөн көчүүгө.

— Тыңша сөздү айтам так,
Үч күн мени мында бак.
Таруу бергин тазалап,
Эмгегиң менен мага жак.

Чабалекей жатпады,
Тапкандарын катпады.
Таруу, конок тазалап,
Таранчыга сактады.

Үч күн өттү арадан,
Чыгат ко деп самады.
«Кеткин эми дос» десе,
Акшырайып карады.

Канат күүлөп ал учуп,
Кабар кылды баарына.
Чабалекейлер чогулуп,
Келишти бүт жабыла.

— Тартып алды үйүмдү,
Сапырмак болду күлүмдү.
Бир таранчы зордукчу,
Бекер үйгө сүйүндү.

— Зордук кылган немени,
Азыр барып көрөлү.
Кармап алып желкеден,
Төштөн ары тебели.

Десе сүйлөп карысы,
Кабыл алды баарысы.
Таранчыга келишсе,
Мындай чыкты дабышы:

— Таанышым көп, чакырам,
Ар бирине асылам.
Тырмагымды, тумшукту,
Каныңарга матырам.

Бир чабакең күлүндөп,
Бүт досторун сүйүн деп,
Акыл тапты өзүнчө,
Карыясын жүргүн деп,

Сайга учуп барышты,
Чоподон издеп табышты.
Бир чымчымдан тиштешип,
Билинбей келип калышты.

Чыгарышып чечимин,
Койбой жылчык тешигин.
Бекитишти заматта,
Уясынын эшигин.

Аба жетпей таранчы,
Эки көзү алайды.
Өзү келип, өзү өлдү,
Зордук кылган жарайбы.

## КОЖОМКУЛ МЕНЕН СҮЙЛӨШКӨНДӨ.

Кожомкул биздин айылда,
Көргөмүн былтыр жайында.
Алма кагып жүрүптүр,
Өзүнүн калың багында.

Манжалары билектей,
Алаканы күрөктөй.
Чыныдай анын көздөрү,
Сыпайы, сылык сөздөрү.
Кулач жетпей далысы,
Эки метр арышы.

Кожомкулдун муштуму,
Соолук койдун башындай.
Кырдач мурун, кең далы,
Булчуңу сайдын ташындай.

Барпаңдап кызык басканы,
Акырын сүйлөп шашпады.
Башынан өткөн кызыктан
Баяндап мага айтканы.

— Энем бар эле карыган,
Он бешке чыккам жаңыдан.
Отун алып кел деди, —
Суусамырдын сайынан.

Көтөрмөм бар жонумда,
Ак балтам бар колумда.
Бала кезде көргөнду,
Эске салган сонун да.

Кыйып жатсам ыргайды,
Балталап чапса сынбайбы.
«Биздин отун тийбе» — деп,
Бир жигит келип турбайбы:

«Бул өрөөн биздин жер болот,
Мында келип эл конот.
Тийбегин, бала, отунга,
Оозуңа бекер кан толот».

Чатагыңды кой дедим,
Көп кыйкырба ой дедим.
Мени менен урушпай,
Оройлукту кой дедим.

Алды-артыма карабай,
Жаңыдан көпкөн баладай.
Камчы менен бетиме,
Берип калды аябай.

От чыга түштү көзүмөн,
Тийбе, деп андан өтүнөм.
Маспы деп бир аз ойлондум,
Сүйлөп жаткан сөзүнөн.

Байкасам сопсоо көрүнөт,
Минген бир аты элирет.
Үзөңгүсүн чиренип,
Омуроолоп теминет.

Билектен шап кармадым,
Колу-бутун байладым.
Минген атын жайдактап,
Ээр токумсуз айдадым.

Ким экенин билбедим,
Байлап койдум тийбеди.
Сөгө берди жулкунуп,
Так чаначтай ийледим.

Муруттары кыбырап,
Эки буту тыбырап.
— Байкап жүр, жигит,—деп койдум,
Кулагына шыбырап.

Карс-карс күлүп жөтөлүп,
Отунумду көтөрүп.
Кетип калдым үйүмө,
Башкасына өтөлүк...

Он сегизде убагым,
Суусамырда турамын.
Анда-санда айылда,
Күрөш болсо чыгамын.

Жүргөн кезим корунуп,
Калган кез арпа орулуп.
Аалыбайдын баласы,
Тилдей берди тоорулуп.

Койсонучу десе болбоду,
Коркутуп сөгүп кордоду.
Унчукпай жерде олтурсам,
Колумдан кармап толгоду.

Тийишпе дедим өзүмө,
Кулак салбайт сөзүмө.
Көтөрүп туруп жерге чаап,
Минип алдым төшүнө.

Кана эмесе, тур дедим,
Билгениңди кыл дедим.
Колуңдан келсе канакей,
Коё берип, ур дедим.

Жакамдан келип кармады,
Тырышты, жыга албады.
Аңгыча болбой ар жактан,
Келишти байдын балдары.

Ура турган болушту,
Тондорун чечип коюшту.
— Саба!—деди,—мурутчан,
Чакчаңдаган доңузду.

Карабадым жүзүнө,
Келе түштүм күчүмө.
Көтөрүп чаптым бирөөнү
Камынган эле сүзүүгө.

Кандай кызык жашчылык
Тургандай бирөө шаштырып.
Басып алдым үчөөнү,
Бирине-бирин капшырып.

Койчулар келип калышты,
Ажыратып салышты.
Болушка барып үчөөбүз,
Айтабыз деди арызды.

Унчукпадым кулбөдүм,
Тийишпе деп сүйлөдүм.
Иним келип калыптыр,
— Кеттик, үйгө жүр!—дедим...

Беш жылдан кийин бешимде,
Азыр да турат эсимде.
Минип алган атым бар,
Түш келип калдым кечүүгө.

Атым баспайт бышкырып,
Үркүткөндөй ышкырып.
Теминсем да болбоду,
Жаткандай мени мыш кылып.

Акырын жерге түштүм да,
Бир азыраак күттүм да,
Астына кирип атымдын
Белимди бекем бүктүм да.

Төрт буту эки колумда,
Байталым менин жонумда.
Кечирип чыктым кечүүдөн,
Бул да өзүнчө сонун да...

Отуздагы чагымда
Суусамырдын сайында.
Казактан балбан келиптир,
Той болуп жаткан айылга.

Басып бардым жыйынга,
Намыс деген кыйын да.
Эңиш болуп жатыптыр,
Жерге көмгөн тыйынга.

Казактан келген ак балбан,
Чындыгында сак балбан.
Кыргыздан эч ким чыга албай,
Кыйла жерге чуу салган.

— Бизде мындай балбан жок,
Тең келчүлөр калган жок! —
Деп кыйкырды той башчы,—
Байгени алсын арман жок.

Ак балбан турат кубанып,
Жолдоштору чыңалып.
Той берген намыс алдырып,
Турушат күлбөй кубарып.

— Чыгайын анда мен дедим,
Ак балбанды кел дедим.
Ала-Тоо күч бергендей,
Алышпай жатып тердедим.

Ак балбан турат үңкүйүп,
Далылары дүңкүйүп.
Көргөн адам чочуган,
Дөө сыяктуу күрсүйүп.

Манжалары барбайып,
Курсагы бар бир топ дардайып.
Кыргыздын бөз үйүндөй,
Бар мүнөзү калдайып.

Басып келди жаныма,
Чаап койду далыга.
— Кабырган, бала, сынбасын,
Карагын,—деди,—алыңа.

Үнчукпай туруп кармадым,
Бутумду салып чалбадым.
Бир топко чейин алыштык,
Кетпестей болуп дарманым.

Кычыратып тиштерин,
Мен да эрдимди тиштедим.
Ак балбанды жыксам деп,
Ойлонуп амал издедим.

Бир убакта жөтөлдү,
Тырмышып мени көтөрдү.
Ошондо менин оюмда,
Уят болуп кетемби.

Кыса кармап курунан,
Аркы-терки урунам.
Өттүм окшойт балбандын,
Өлчөмүнөн, сынынан.

Чымырканып чыңалып,
Калган кезим сыналып.
Көтөрүп туруп бир чаптым,
Көргөндүн баары кубанып.

Ордунан балбан тура албай,
Арман кылды жыга албай.
Өзүбүз алып байгени,
Ак балбан турат кубанбай.

Эркиндик элге келген кез,
Бактыны бизге берген кез.
Уюшулуп колхоздор,
Кулактарды жеңген кез.

Кедейлерге жер тийип,
Казылып жаткан кен тийип.
Токой, суу, тоо, кең өрөөн,
Мал жайылган бел тийип.

Күн сайын турмуш оңолуп,
Жакырчылык жоголуп.
Суусамыр күлүп турган кез,
Ар түрлүү гүлгө оронуп.

Кырманда эгин басылып.
Кампага эгин ташылып.
Сандык тоонун жолуна,
Жаткан кез жол казылып.

Элибиз элге күч берип,
Бир чоң ташка туш келип.
Чыгара албай жатыптыр,
Он эки жигит тиштенип.

Басып бардым жанына,
Соку таш экен багыма.
Кучактап туруп тартканда,
Күч келип кетти жаныма.

Белги кылып коюуга,
Көтөрүп алдым жонума.
Коюп койдум акырын,
Сандык тоонун бооруна.

Чөптөрүн жибек чачы дейт,
Сандык тоонун башы дейт.
Ошондон бери биздин эл,
«Кожомкулдун ташы» дейт.

...Күндөрдүн бир күнүндө,
Машина келди айылга.
Көрүлүп жаткан колхоздо,
Кош айдоого камылга.

Машина саздан өтө албай,
Жаткан экен тыгылып.
Жалдырайт шофёр кете албай,
Калыптыр балдар жыйылып.

Газ берип шофёр чамынды,
Машинасы болбоду.
Балдар да түртүп камынды,
Бир кыймылдап койбоду.

Арткы эки дөңгөлөк,
Батып калды көрүнбөй.
Калган сындуу өйдөлөп,
Калтырап турат теминбейт.

Зым арканды байладым,
Машинанын алдына.
Бар күчүм менен тартты элем,
Секирип чыкты алдыга.

Шофёр жигит кубанып,
Таңданып мага тиктеди.
Эмнегедир уялып,
Бар экен сизде күч деди.

Кабинага олтурду,
Көп берип газын толтуруп.
Машинасын кармадым,
Айдарга эки кол сунуп.

Төрт дөңгөлөк дирилдеп,
Бир орундан жылбады.
Мотору боздоп күрүлдөп,
Карап балдар жыргады.

Шофёр чындап түшүндү
Ошондо менин күчүмө,
Сендей балбан кишилер
Кире элек деди түшүмө.

Колумду коё бергенде,
Машина кетти зымырап.
Түтүлдөткөн гудогу
Дагы эле мага угулат.

...Жаз жадырап келген кез,
Фашистти элим жеңген кез.
Гитлер деген кан ичээр,
Жерге кирип өлгөн кез.

Айлыбызда той болду,
Жеңиш күнүн белгилеп.
Айтканымдын бардыгын
Ошондо көргөн эл билет.

Сом темирди колума,
Башкарма келип карматты.
Күчүңүздү көрсөт деп,
Келгендин баары жармашты.

Ийдим эле тизеге,
Сом темир болду оройтой.
— Түзөңүз деди таканы,
Күчүңүздү коротпой.

Ат така алып колума,
Эки жакка тартты элем,
Түзөлүп калды бат эле,
Ушунча жумшак зат белең.

Айылдан чыгып бир күнү,
Почтаны көздөй баратсам,
Жолумдан бука жолукту,
Бадасынан адашкан.

Жинди эмедей жер сүзүп,
Мени көздөй качырды.
Алдымдагы үч киши,
Далдаланып жашынды.

Сынайын деп өзүмдү,
Мен дагы аны качырдым.
Өзүмдө болгон күч менен
Мүйүзүнө асылдым.

Бакырып башын басканда,
Чөгөлөп барып жыгылды.
Ошондон кийин буканын
Сүзөнөгү тыйылды!

Сөзүн бүтүп күлүндөп,
Коштошуп колду кармады.
Атагы кеткен алыска,
Кожомкул кыргыз балбаны.

# АРГЫМБАЙ

## I

Бырылдап уктап күн сайын,
Эрте турбайт Аргымбай.
Болгонсуп сабак бүт дайын,
Ал өзүнчө көңүл жай.
Окубай бешке жетем деп,
Ою менен баага бай.
Чала уйкуда жатканда,
Эске түштү сабагы.
Эшиктен бирөө басканда,
Эки жагын карады.
Майкасын издеп таба албай,
Өзүнөн өзү жадады.

Ботинканын бирин таап,
Оң бутун кие баштады.
Шкафтын арт жагынан
Майкасын араң тапканы.
Анысын шашып кием деп,
Өңүрүн айра жаздады.
Калпагы жок дайынсыз,
Сырткы үйдөн да издеди.
Бир саат өттү кайырсыз,
Кийинип али бүтпөдү.
Эчак сабак башталган,
Аргымбайды күтпөдү.

Текчеден китеп алам деп,
Илинген саатка урунду
Мектепке эрте барам деп,
Стулдан аттап жыгылды
Кроватка бир тийип.
Көгөртүп алды мурунду.

Саат он бирден ашканда,
Китептерин карады.
Ашыгып, шашып басканда,
Издеген менен табабы.
Түгөлбү деп дептерин,
Эки-үч сыйра санады.

Издеди эми сыясын,
Кайда экенин билбеди.
Тиги гүлдү жыгасың,
Дегенсип мышык күлбөдү.
Саат он эки болгондо,
Кеттим деп өзү сүйлөдү.

Аргымбай жетип барганча,
Окуудан балдар тарады
Колдон келбейт ал канча,
Өтүп кеткен сабагы.
Капаланат, ачылбайт
Аргымбайдын кабагы.

Кайра кайтты үйүнө,
Ойлонду тез баруугa.
Эртенки болчу күнүнө
Сабакты жазып алуугa.
Китептердин калганын
Үйдөн издеп табуугa.

Ары азыраак басканча,
Ойлонгонун унутту.
Тебели деп, ланги
Балдарга айтты сунушту.
Кечке жерди тепкилеп,
«Кызык» оюн курушту.

Ботинканын таманы,
Ыдырады, сөгүлдү.
Чөнтөгүндө сыясы,
Тыгыны чыгып төгүлдү.
Ботала болуп боёлду,
Боз күрмөнүн өңүрү.

Кеч кирип күн батканда,
Аргымбай келди үйүнө,
Атасы үйдө жатканда,
Кечигип келет күнүгө.
Көңүл койбойт ушундай,
Сабакты жакшы билүүгө.

II

Китептен жазып эсепти,
Чыгарууга олтурду.
Жазууга берип кезекти,
Бир дептерди толтурду.
Чыкты го эми жообу деп,
Ишти үстүртөн болтурду.
Эсепти эптеп бүткөн соң,
Эне тилге кол сунду,

Андан кийин ал шашып,
Географияны карады,
Барактарын тез ачып,
Күн мурунтан санады.

Уйкусу келип баш чарчап,
Түшүнбөдү, жадады.
Барыктабайт сабактар
Аргымбайдай баланы.

Аргынбайдай шалаакы,
Жалкоо болбо, пионер.
Бекер өтүп кетпесин,
Окуп жүргөн күнүңөр.
Жакшы окусаң сабактан,
Мектебиң — энең сүйүнөөр.
Тыкан болсоң жашыңдан,
Чоңойгондо билинер.

## ӨГҮЗ

*(жомок)*

Жыламыштын оюнда,
Суунун берки боюнда,
Жалдырайт жалгыз алачык,
Жыртылган үзүк жонунда.
Кемпири менен чал жашайт,
Музоолуу уй бар колунда.

Кошулушкан жашынан,
Балдары болбой башынан.
Кичинекей уйкана
Курулган сайдын ташынан,
Кайнатып күндө ичишет
Чай куурайдын ашынан.

Ал кезде буудай болбогон,
Минбеген кедей жоргодон.
Тууганы жок экөөнүн
Туш-тараптан колдогон.
Кышында ичип кымыран,
Кызартып согум сойбогон.

Арадан алты ай өткөндө,
Табигат каарын сепкенде,
Ыландады музоосу
Ичине суук жеткенде.
Ажал тапты акырын,
Чиренип чилде тепкенде.

Бир жыл өттү арадан,
Музоодон колун жууганга.
Кубанышты кемпир-чал
Токол уй кайра тууганда.
Эч нерсе жок эгинден,
Капка салып бууганга.

Арыштап музоо желбеди,
Токол уй көп сүт бербеди.
Күнүнө үч маал сугарып,
Ушулар чалдын эрмеги.
Жай башынан уланып
Тоют камдап тердеди.

Кайрадан жай башбагып,
Кадырлап жерге гүл тагып.
Өстүргөндөй атайлап,
Өз маалында суу жайып.
Шарп болуп өлдү музоосу,
Чал, кемпир билбейт кимде айып.

Көрбөн сындуу күн өттү,
Айлуу, айсыз түн өттү.
Жарак-жабдык асынып,
Токсон, чилде жүдөттү.
Токол дагы туул берди,
Кубандырып жүрөктү.

Тентек музоо телигип,
Бир жыл өтпөй семирип.
Эки мүйүз томпоюп,
Чокусунан көрүнүп.
Канча ичем десе сүтү көп,
Капаны билбейт элирип.

Тартандады тай торпок,
Иш кылбаган бир чоркок.
Элендеген элейип
Карангыда ал коркок.
Орулган чөптү бирге жеп,
Энесине ал өрток.

Кышында жабуу жабышат,
Үйгө байлап салышат.
Тийбесин деп чилде суук,
Күн-түнү от жагышат.
Топон, саман торпокко
Кырмандан издеп табышат.

Жаз чыкканда жайкалып,
Жер бети көркөм байкалып.
Өгүз болду тай торпок,
Чал чамынын кайтарып.
Ошондо өгүз сүйлөдү,
Ошону азыр айталык:

— Төөдөй менин күчүм бар,
Төөдөн артык ишим бер.
Буурасынан эмнем кем,
Тилим тикен, тишим бар.
Өгүздөр менен кошулуп,
Болгум келбейт ичим тар.

Өзүмдү, өзүм багамын,
Төөнүкүндөй жүрөгүм.
Төөдөн ашкан пил болуу
Төгүн эмес тилегим.
Уйлар менен бир жүрүп,
Унутчаак болуп жүдөдүм.
Кошулам ушул төөлөргө,
Төөлөрдөй болом билемин.

Төөлөр менен дос болуп,
Керели-кечке бош болуп.
Кошулбады бадага
Жайылып жүргөн топтолуп.
Чөлгө кетти калың төө
Өгүз да кетти оштонуп.

Төөлөр жесе тикенек,
Өгүз да жейт тикенек.
Бир ай өттү арадан,
Чөлдө суу жок, иче элек.
Баягыдай тайраңдап,
Болбой калды сүзөнөк.

Чыдатпайт күндүн ысыгы,
Чөл аябай ысыды.
Чөбү жок бопбоз кең талаа,
От жаккандай ысыгы.
Кара өгүздүн майы эрип,
Жүрөгү туйлап кызыды.

Туяктары кесилди.
Тамандары тешилди.
Такыр болуп төрт тизе,
Кумга жатып жешилди.
Мүйүздөрү саргайып,
Өзүнөн-өзү кетилди.

Чылпак болду көздөрү,
Укпады төөлөр өзгөнү.
Шаркырап аккан суусу жок,
Күн ысыкта кечпеди.
Тартаңдап төөлөр чуркаса,
Талыкшып чарчап жетпеди.

Өкүнүп кээде ыйлады,
Төөлөр жардам кылбады.
Акактап, ысык эси ооп,
Алы кетип турбады.
Тамчы суу мындан табылбайт,
Таңдайы катып кургады.

Эч нерсе жок көөдөндө,
Кошулам деп төөлөргө.
Бутум бар деп мактанып,
Теңелбегин бээлерге.
Таланып кала таштады
Нечен түнү чөөлөргө.

— Төөлөр менен жүргөнчө,
Жылкыларга барамын.
Чөлдө күнгө күйгөнчө,
Тоодон оюн саламын.
Сөзүмдү укчу, жолдошту
Жылкы ичинен табамын.

Деп айтып өгүз жөнөдү,
Калың төөдөн бөлүнүп.
Чөлдө жүрүп өлөмбү,
Кабыргам бекер сөгүлүп.
Жети күн жол жүрдү ал,
Мууган жер кайра көрүнүп.

Жылкыларга кошулду,
— Силер менен жүрөм, деп.
Кулунунду, тайынды
Эркелетип сүйөм, — деп,
Торпок кезде чоңойгон
Жеримдин сырын билем деп.

Бир-эки ай өтпөй оңолду,
Бетегеге семирип.
Кадимкидей торолду,
Жылтылдап жону көрүнүп.
Баягы чөлдө жүргөндөй,
Көз жашы акпайт төгүлүп.

Суусунан ичет булактын,
Эмне десе баары бар.
Жүндөрү чыкты кулактын,
Мүйүзү кайра жаңырар,
Ала-Тоодон ар дайым
Ар кыл чөптөр табылар.

Салкын аба, таза жер,
Кол менен жасап койгондой.
Өгүздү сыйлайт салкын жел,
Өз баласы болгондой.
Бардыгы мында жетиштүү,
Жан-жаныбар тойгондой.

Жылкылар менен дос болуп,
Орундалды тилеги.
Аркандалбай бош болуп,
Кадимкидей түлөдү.
Ордуна келди оштонуп,
Ооруп жүргөн жүрөгү.

Жылтылдады семирип,
Жыламышта жыргады.
Жылкылар менен элирип,
Башкага көңүл бурбады.
Жүрө берди керилип,
Жүдөп эмгек кылбады.

Жүргөндөй күндө сыланып,
Кандай сонун тазалык.
Күчкө кирип чыңалып,
Күжүрмөн өгүз аталып.
Бададан башка бөлүнүп,
Келтирип жүрөт каталык.

Кулундар менен бирге ойноп,
Жаштыгын салат эсине.
Керели кечке суу бойлоп
Гүлдөрдөн тагып төшүнө.
Кулак салгын, досторум,
Жомогума, сөзүмө.

Бир күнү катуу күн жаады,
Чагылганы чартылдап,
Элирип эки түн жаады
Күркүрөп асман шартылдап,
Аябай өгүз үшүдү,
Кыш келгендей калчылдап.

Шамал жүрсө ырылдап,
Өгүз жүрөт кырылдап.
Жалтылдаган жонунан
Жамгырдын суусу шырылдап.
Эки көзү тостоюп,
Таноолору бырылдап.

Мактанчаак эле башынан,
Жалакай өсүп жашынан.
Жактырбай жаман көрүүчү,
Өгүз деп айтсаң атынан.
Турганын кара шүмшүйүп,
Чыккансып чүйдүн сазынан.

Үчүнчү күнү токтоду,
Асмандын жааны тыйылып.
Жылкылар коркту окшоду,
Бир жерге калды жыйылып.
Элеңдеп эки карышкыр,
Токойдон чыкты сыгылып.

Күлүктөр кетти алыска,
Көзүңдү ачып жумгунча,
Өгүз калды алыста,
Карышкыр келди турганча.
Тиштемек болду алкымдан,
Эс-учун эптеп жыйганча.

Жайылып жүргөн бадалдан
Жардамга уйлар келишти.
Бөрүлөрдү сүзгүлөп,
Букалар жыга тебишти.
Атайы келген өлүмдөн
Сакташып калды өгүздү.

Бөрүлөр өлдү суналып,
Өгүз турат кубанып.
Ошондо токол кара уйдун
Сүйлөгөнүн угалык.
Айтканы анын чын бекен,
Адаштырбай туралык:

— Бөлүнбө десем болбодуң,
Төө, жылкы менен ойнодуң.
Өзү билсин балам деп,
Өз эркиңе койгомун.
Уккула, уйлар, сөзүмдү,
Төмөнкүдөй ойдомун.

— Жакшы өгүз бадасына баш болот,
Жаман өгүз тууганына кас болот.
Кыйынмын деп дыңкылдаган немени
Акылы жок, ой-тилеги пас болот.

— Ар дайым бирге жүрөлүк,
Өмүрдү бирге сүрөлүк.
Той өткөрүп жарышып,
Топтошуп ойноп күлөлүк.
Кошулдум кайра тобума,
Кетпес үчүн түбөлүк.

Эси жок ката кетирет.
Өз элиң гана кечирет.
Элинен чыккан эсирет,
Эсеби жок кетилет.
Эли менен бир жүрсө,
Эсен-соо болот, жетилет.

# *МАЗМУНУ*


Москвага учуп бар . . . . . . . . 3
Гүлнара . . . . . . . . . . . . . . 4
Бүлдүркөн . . . . . . . . . . . . 5
Илип койду үйүнө . . . . . . . . . 6
Күтөт . . . . . . . . . . . . . . 7
Досубуз бар . . . . . . . . . . . . 9
Чөп чабыкта . . . . . . . . . . . . 11
Эки дос . . . . . . . . . . . . . . 12
Кызык экен кышкы оюн . . . . . . . . 4
Бакчада . . . . . . . . . . . . . . 15
Мен сабактан калбадым . . . . . . . . 16
Балдар бакчасында . . . . . . . . . 17
Тай тай, балам, тай балам . . . . . . 21
Чабалекей . . . . . . . . . . . . . 22
Бешик ыры . . . . . . . . . . . . . 23
Мектепке деп атадык . . . . . . . . 24
Жандуу бурч . . . . . . . . . . . . 25
Башкача тоо . . . . . . . . . . . . 27
Керим агай сыйланганда . . . . . . . 29
Беш жаштагы Турдукан . . . . . . . . 31
Төрт мезгилдин талашы . . . . . . . 33
Автобусум . . . . . . . . . . . . . 40
Москвадан алып келген . . . . . . . 41
Кекилик . . . . . . . . . . . . . . 42
Кызыл топ . . . . . . . . . . . . . 43
Жаңы үйдө . . . . . . . . . . . . . 44
Менин эки куурчагым . . . . . . . . 45
Барганымда зоопаркына сейилге . . . . 46
Билбесбектин билгени . . . . . . . . 51
Бир партанын арманы . . . . . . . . 53
Коркокко кош көрүнөт . . . . . . . . 54
Ар дайым жакшы тазалык . . . . . . . 56
Кимде айып . . . . . . . . . . . . . 57
Вожатый . . . . . . . . . . . . . . 60

Футболисттер . . . . . . . . . . . . . . . 64
Жаңгактуу токой . . . . . . . . . . . . 67
Ак алтындын атасы . . . . . . . . . . . . 70
Чоң энем . . . . . . . . . . . . . . 73
Биздин калпак . . . . . . . . . . . . . 75
Боз үй . . . . . . . . . . . . . . 77
Кремль кошо ырдады . . . . . . . . . . . 79
Египеттик жаш бала . . . . . . . . . . 81
Козу-улак . . . . . . . . . . . . . . 82
Аяз ата . . . . . . . . . . . . . . 85
Түшүм териш . . . . . . . . . . . . . 86
Кадимки Чолпон-Атабыз . . . . . . . . . 88
Жаңы көчө . . . . . . . . . . . . . 89
Суу келди . . . . . . . . . . . . . . 91
Бүлөөлүнү барып көр . . . . . . . . . . 92
Достук багын тиккенде . . . . . . . . . . 95
Менин эменим . . . . . . . . . . . . . 97
Жардам бердик . . . . . . . . . . . . 99
Кайыгым . . . . . . . . . . . . . . 100
Чөп алачык . . . . . . . . . . . . . 101
Досторумду сүйөмүн . . . . . . . . . . 103
Кыргыз тоосу . . . . . . . . . . . . . 105
Бөбөктөрдүн эжеси . . . . . . . . . . . 107
Ким . . . . . . . . . . . . . . . . 109
Айна бөбөк . . . . . . . . . . . . . . 110
Чабалекей менен таранчы . . . . . . . . . 114
Кожомкул менен сүйлөшкөндө . . . . . . . . 118
Аргымбай . . . . . . . . . . . . . . . 129
Өгүз . . . . . . . . . . . . . . . . 133

МУСА ДЖАНГАЗИЕВ

# ЕЖЕВИКА

*(На киргизском языке)*

ТЕСТИЕР БАЛДАР ҮЧҮН

ДЛЯ СРЕДНЕГО ШКОЛЬНОГО ВОЗРАСТА


Редактор *Т. Касымбеков*
Художн. редактор *А. С. Осташев*
Техн. редактор *С. Сарыгулов*
Корректор *А. Рысалиев*

---

Терүүгө 20|VII 1959-ж. берилди. Басууга 12|XI 1959-ж. кол коюлду. Кагаздын форматы 70×108 1|32. 6,17 басма табак 4-50 учёттук басма табак. Д—04569. Заказ 2737. Тиражы 10000.
Мукабасыз баасы 1 с. 40 т. Мукабасы 2 с. 50 т.

---

Фрунзе, типография № 2 Полиграфиздата Министерства культуры Киргизской ССР, ул. Ленина, № 131